87.3(Кыр)
Ж 31

Жээнбек Жаныбеков

Кыргыз ойчулдары

Кыргызские мыслители

Ош - 2004

559-11-113

87.3(Кырг)
Н-31

Кыргыз республикасынын билим берүү министрлиги

Ош мамлекеттик университети

Жээнбек Жаныбеков

Кыргыз ойчулдары

Кыргызские мыслители

Окуу куралы

69933
БИБЛИОТЕКА
Ошского государственного
8881259

Ош - 2004

ББК Ж - 31

Китеп Ош мамлекеттик университетинин 2003-жылдын 29-декабрындагы Окумуштуулар Кеңешинин №2 протоколунун чечими менен басмага сунушталган.

Рецензенттер: филос. илим. доктору, профессор Ш. Базарбаев
филол. илим. доктору, профессор Т. Аширбаев

Ж – 31 Жаныбеков Жээнбек.
Кыргыз ойчулдары. Кыргызские мыслители. - Ош: ОшМУ, 2004 , 151 бет.

ISBN 9967-02-

Китепте кыргыз элинин рухий дөөлөтүнүн улуу даанышмандары, кыргыз философиясын негиздөөчүлөрү Калыгул Бай уулу, Арстанбек Буйлаш уулу, Молдо Кылыч Шамыркан уулу, Молдо Нияз Эрназар уулу, Токтогул, Тоголок Молдо, Жеңижок, Ысак Шайбеков, Барпы Алыкуловдордун философиялык ой толгоолору, социалдык-философиялык көз караштары жөнүндөгү маселелер каралат. Сунушталган окуу куралы мугалимдерге, студенттерге, аспиранттарга, кыргыз элинин акылман мурастарына кызыккандарга жана жалпы эле китеп окурмандарга арналат.

Киришүү

Кыргыз эли басып өткөн нечендеген доорлор ичинде көөнөрбөстөн, учугу уланып айтылып келе жаткан мифтер, легендалар, жөө жомоктор, макал-лакаптар, уламыштар, акылман сөздөр элибиздин рухий дөөлөтү катары жашоосун улантып келет. Кылымдар бойлоп келе жаткан баалуулуктар улам кийинки муундарга оозеки айтылып, алар аскаларга чегилген оймо-чиймелер түрүндө жашоосун улантып, ата-бабаларыбыздан калган улуу мурас катары өмүрүн улантты.

Кыргыз эли жараткан улуу мурастарга "Кыргыз мамлекеттүүлүгү жана элдик эпос "Манас"" деген эмгеги менен Кыргыз Республикасынын Президенти Аскар Акаев да баалуу салым кошту. Эмгекте көтөрүлгөн идея Бириккен Улуттар Уюму тарабынан колдоого алынып, кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгын 2003-жылы белгилөө жөнүндө атайын чечим кабыл алынды. Дүйнө элдери тарабынан кубатталган бул тарыхый окуя кыргыз рухий дөөлөтүн үйрөнүүнүн актуалдуулугун дагы бир жаңы тепкичке көтөргөндүгүн айтууга негиз бар.

Кыргыз элинин улуу көркөм мурастарында аттары оозеки легендага айланып калган Толубай сынчы, Санчы сынчы, Токтогул ырчы, Асан кайгы, Жээренчи чечен, Акыл Карачачтардын акылмандуулук касиеттери айтып бүткүс, баа жеткис кайнар булак болгон. Кыргыздар табият тартуулаган акылмандуулукту кир жугузбай, турмуштун ар кандай катаал шарттарында жаратып, акыл менен кеңешип жана сактап келген.

Кыргыз элинен чыккан акылмандар, орто кылымдарда атагы дүйнө элдерине белгилүү болгон Жусуп Баласагындын "Кут билиг" ("Куттуу билим"), Махмуд Кашкаринин "Түрк сөздөрүнүн жыйнагы" аттуу эмгектери дүйнө элдери түзгөн жалпы баалуулуктарга кошкон чоң салым болду.

Элдик эпос-дастандар: "Эр Төштүк", "Курманбек", "Кедейкан", "Жаңыл Мырза" жана башкалар баатырдыктын, эрдиктин жана акылмандыктын үлгүсүн көрсөткөн чыгарма болуу менен, өз элинин жүрөгүнөн терең орун алган баалуу мурастарыбыздан болуп калды. Ал эми Курманбек баатырдын 500 жылдык мааракеси ар бир кыргыз жеринин тургуну үчүн элин-жерин сүйүүнүн, патриоттуулуктун, баатырдыктын, достуктун, кызматташтыктын символуна айланды.

Кыргыз элинин философиялык мурастарынын калыптанышында XVIII кылымда жашаган белгилүү ойчулдар

Нооруздy, Балыкооз (Бекмурат), анын уулу Найманды айта кетүү абзел. Алардын чыгармачылык дарамети өз элинин акыл-эсин калчап жашоого үндөгөн. Ал эми XIX кылымдын даанышмандары Калыгул Бай уулу, Арстанбек Буйлаш уулу, Молдо Кылыч Шамыркан уулу, Молдо Нияз Эрназар уулу коомдук турмуштагы акыл-эстин үлгүсүн ачык-айрым турмуш – тиричиликте пайдаланууга үндөшкөн. Калыгул "Акыр заман", Арстанбек "Тар заман", Молдо Кылыч "Зар заман", Молдо Нияз "Санат дигарасттарында" терең философиялык түшүнүктөрдү бере алышкан. Алсак, Арстанбек кыргыз элинин оор тагдырын:

Каптаган тузду көтөргөн,
Көлүк болду элибиз.
Башка чапса былк эткис,
Өлүк болду элибиз,[1] -деп сүрөттөгөн. Ошол эле идеяны жазгыч акын
Молдо Кылыч:

Береке качты замандан,
Нуска жорук жоголду.
Жакшы менен жамандан,[2]- деп замандын өзгөрүп жатканын ырга кошот.

Түштүк аймактан чыккан Молдо Нияз:

Отуз жылга жакындап,
Орус келип зор болду.
Оң-солдун баары кор болду,
Сайил күндө кыш түшөт.
Мусулмандар башына
Муңайтып кандай күн түшөт,[3]- деп таамай ойду ыры менен бекемдеген.

XX кылымда кыргыз философиялык ой-толгоолорун улантып, андан ары өнүктүргөндөрдүн арасына Жеңижокту (Өтө Көкө уулу), Токтогул Сатылгановду, Тоголок Молдону, Нурмолдону, Барпы Алыкуловдорду кошууга болот. Кыргыз акылмандары адам баласын табияттын бир бөлүгү катары кароо менен, ага болгон мамиленин ыйыктыгын, табиятты коргоо жана ага көмөктөш болуу зарылчылыгын баса көрсөтүшкөн. Биздин ата-бабаларыбыз байыртадан эле табиятты ыйык тутуп, ага өтө этияттык менен мамиле жасашкан. Жаратылыш менен адам түбөлүктүү айкашып бир экендигин, табият жок болсо, адам тукуму кошо жок болорун

[1] Мурас.-Фрунзе, 1990.-40-бет.
[2] Мурас.-Фрунзе, 1990.-53-бет.
[3] Молдо Нияз. Санат дигарасттар.-Бишкек, 1993.-94-бет.

түшүнө билишип, аны коргоп, кооздугуна суктанышып, ыйык тутуп сактагандыгын элибиздин оозеки чыгармаларынан, ойчул-акындарыбыздын бизге калтырган мурастарынан окуп үйрөнөбүз.

Өзгөчө эл ичинен чыккан залкар ойчул акындарыбыз табияттын кооздугун, сулуулугун даңазалашып ырдашкан. Маселен, Жеңижок "Жер соорусу Аксы экен" деген чыгармасында:

Алмасы алтын башындай
Жаңгагы сайдын ташындай,
Өрүгүнөн алча көп.
Алтымыш түрдүү мөмөсү.
Жемиши бышып төгүлгөн,
Жаңгактары шагырап,
Жүзүмдөрү салбырап,
Талга асылып өрүлгөн.
Жийдеси гүлдөп ачылган,
Жемиши жерге чачылган,[1]- деп сүрөттөйт.

Ушул эле чыгармасында Жеңижок 38 жер аймагын, жанжаныбарлардын 78 жана өсүмдүктөрдүн 32 түрүн сүрөттөсө, Тоголок Молдо "Ала Тоо" аттуу чыгармасында 31 жер аймагын, жаныбарлар дүйнөсүнөн 50 айбанаттын жана түрдүү 20 өсүмдүктүн мүнөздөмөсүн берген.

Жеңижок сыяктуу табият көрүнүштөрүн даңазалаган дагы бир ойчул-акын Молдо Кылыч Шамырканов болгон. Акындын жаратылыш жөнүндөгү "Чүй баяны", "Керме тоо", "Жинди суу" өңдүү чыгармаларында табият менен адамдын биримдигин, анын өсүп-өнүгүү закон ченемдүүлүктөрүн далилдөөгө далалат жасаган. Анын, "Буудайык" аттуу дастанында куш төрөсү буудайык жөнүндө айтылганда, адам менен жаратылыштын ортосундагы табийгый биримдикти байыртадан келе жаткан мыйзам ченемдүүлүк катары сүрөттөйт. Жаратылыштын мыйзам ченемдүүлүгүн бузуу, ага туура эмес жасалган мамиле адам турмушунун трагедиясына алып келе тургандыгы ырда баяндалат. Буудайыкты тапка келтирүү үчүн саятчынын өмүрү кыйылат. Ошентсе да, буудайык бүт бойдон багынып бербейт, адам зордугуна көнбөйт. Ал канча жаныбарды алып берсе дагы, ач көз адам "алтымыш айры ак бугуга" сала бергенде, аны алуудан баш тартат, анткени куш төрөсү жаратылыштын дагы бир төрөсүнө каршы барбайт. Адамды калтырып, өз эркы менен өз жолуна түшкөндүгү айтылат. Ошондуктан ар бир адам

[1] Жеңижок. Ырлар.-38-39-бет; Рукоп.фонд опись №142 (353).-270-бет.

жаратылыштын көркү бузулбай, кемибей сакталышына кам көрүүсү, ата-бабадан калган салтты бузбай, табиятка аяр мамиле кылуу өз милдетим деп түшүнүүсү зарыл.

Адам баласы пайда болгондон ушул күнгө чейин муундар аралык байланыштын натыйжасында анын тукуму уланып, алдыга умтулуп, өнүгүп келе жаткандыгын эстен чыгарбай ар бирибиз өз салымыбызды кошууга аракеттенсек жашоо тиричилигибиздин ийгилигинде шек жок. Биз улуу мурастарыбызды аркалоо менен, келечекке зор үмүт менен умтулуп бара жаткандыгыбызды эстен чыгарбайлы.

Элдик философиядагы "Заман" агымы жана анын кыргыз жеринде таралышы

Тарыхта белгилүү болгондой, Жакынкы жана Орто Чыгыш элдерине жана алардын идеялык күрөшүнө суфизм агымы узак жылдар бою өз таасирин тийгизип келген. Суфизмге мүнөздүү көрүнүш аскетизмге ыктоо болгон. Өзүнүн өнүгүшүнүн алгачкы этаптарында ал ислам дининдеги орун алган айрым догматикалык принциптерге каршы пикирлерди да көтөргөн. Бул агымдын келип чыгышында жана таралышында Абу-Хамид Мухамед Ибн-Мохамед Газалинин (1058-1111) орду зор. Ал орто кылымдын эң ири уламаларынын бири болгон. Газали ислам дининин догмаларына карата өз пикирлерин ортого салуу менен катар, философиялык көз караштары боюнча скептицизм жана пессимизм позициясына өтүп кеткен. Газали өзүнүн чыгармаларында мораль проблемаларына кайрылып, коомдук турмуштагы үстөмдүк кылып турган тартип эрежелери менен адамдардын нравалык турмуш маңыздары төп келишпей жаткандыгына көңүл бурган. Бирок ал адам жашоодо жетише албаган ийгиликтерге аркы дүйнөдө жетишет деген идеяны аркалаган. Адамдын аркы дүйнөдө жетише ала турган ийгиликтери жөнүндөгү окуусу үстөмдүк кылган коомдук турмушту түбөлүктүү, өзгөрүлбөс көрүнүш катарында караган. Анын идеясынын маңызы, суфизмди аркалаган философиясы эл массасын социалдык теңсиздикти чыдамкайлык менен көтөрүүгө чакырган.

Газалинин идеясын улантуучулардын бири персиялык поэзиянын өкүлү Сади Ширази (1184-1293) болгон. Ал жөнүндө Е. Э. Бертельс: "Сади широко использовал применявшуюся ранними суфийскими поэтами форму Газали",- деп жазган. Газалинин суфизмди аркалаган поэзиясындагы философиялык түшүнүк орто кылымдарда өз таасир күчүн сактап келгендиги белгилүү. Суфизмдин идеялары Орто Азияда XI-XII кылымдардан баштап тарай баштаган. Аларды үстөмдүк кылуучу таптар, диний бирикмелер кызуу колдошуп, өз бийликтерин бекемдөөдө зарыл курал катары колдонушкан.

Суфизм поэзиясы алгачкы учурларда перс жана араб тилдүү аймактарда кеңири тарап келсе, кийинчерээк Орто Азия элдери арасында да жайыла баштаган. Эгерде суфизм идеялары сиңдирилген адабияттар Иран, Жакынкы Чыгыш өлкөлөрүндө негизинен перс тилинде таратылса, орто азиялык суфисттер түрк тилинде жарыялоого жетишишкен.

Орто Азияда суфизм адабиятынын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири XII кылымдын акыры -XIII кылымдын баш чендеринде жашап өткөн Хаким Сулайман Бакыргани болгон. Анын ыр түрүндө жазылган (табынуу) сыйынуу, Мария жөнүндө легенда жана коркунучтуу сот жөнүндөгү китептери бизге белгилүү. Сулайман Бакырганинин жазган эмгектеринин мазмуну Орто Азиядагы түрк элдери арасында суфизмди таратуучулардын бири болгон Ахмед Ясавинин чыгармаларына өтө жакын. Анын ыр түрүндө жазылган чыгармаларынын басымдуу көпчүлүгү өтө жөнөкөй, жеткиликтүү формада исламдын негизги эрежелерин түшүндүрөт, Мухамед пайгамбар жөнүндө, аркы дүйнө, андагы жашоо, тиричилик боюнча маалыматтар берет. Ал бул жарыкчылык дүйнөдө өз бактысына жетише албаган ар бир адам аркы дүйнөдө, акыретте жетише ала тургандыгына ишенген жана ага ишенгендерге көмөк көрсөтүүгө убадасын да берген. Албетте, мындай көрүнүш дин алкагындагы табынуучуларды пассивдүү фатализмге түртүү менен, коомдук турмушка өз таасирин тийгизбей койгон эмес. Бул маселе боюнча В. И. Ленин төмөнкүчө жазган: "Что первобытный человек получал необходимое как свободный подарок природы, это глупая побасенка. Никакого "золотого века" позади нас не было, и первобытный человек был совершенно подавлен трудностью существования, трудностью борьбы с природой".[1]

Айтылган сөз обьективдүүлүгү менен өз маанисин дайыма бекем сактап кала бере тургандыгына толук ишенүүгө негиз бар. Ошондой эле тарыхый инсандардын бири Сулайман Бакыргани өзүнүн "Акыр заман" ("Книга об окончании мира") китебинде адам өмүрү өткөндөн кийин гана аркы дүйнөдө өзү эңсеген жыргалга жете ала тургандыгын тастыктаган. Ошол сыяктуу эле суфизм идеясын аркалаган айрым чыгармалар XVII-XVIII кылымдардагы көчмөн казак, кыргыз уруулары арасында кеңири тарай баштаган. Суфизм поэзиясынын салттары казак жана кыргыз рухий мурастарында "Заман" агымы деген ат менен пайда болгон. "Заман" агымы кыргыздарга караганда казактарда мурдараак пайда болгондугун айта кеткендигибиз абзел. Бул агымдын өкүлдөрү, жаңы доорду "Зарзаман" деп мүнөздөп, патриархалдык нравалардын негизинде казак талааларында өткөн доорлордо "Алтын кылымдын" ("Золотой век") болгондугун, анда байлар болгон мүлкүн кедей-кембагалдар менен тең бөлүшүп жашоо

[1] Ленин В. И. Полн.соб.соч., Т.5. – 95-бет.

өткөргөндүктөрүн, ал эми кийинки учурларда бул касиеттин жоголуп кетип бара жаткандыгын ырдашкан. Анын башкы себепчиси катары адамдардын нравалык жактан бузулуп бара жатышы, натыйжада туура жолдон адашып, туюк тоскоолдуктарга кириптер болгондугун көрсөтүүгө аракеттенишкен. Бирок алар жан-дили менен жасаган аракеттерине карабастан, коомдук турмуштун өнүгүшүнүн объективдүү мыйзам ченемдүүлүктөрүнө бөгөт боло алышкан жок. Болуп жаткан өзгөрүүлөргө карата өздөрүнүн мамилелерин чыгармаларында таамай, так, жеткиликтүү деңгээлде сүрөттөй алышкан. Бул багытта чыгармалары менен калайык -калкка белгилүү болгон акындар Бухар Жырау, Шортам бай Канаев, Дулат-акын, Мурат Монуке улы ж.б. көрсөтүүгө болот.

Учу-кыйырына көз жетпеген казак талааларында пайда болгон "Заман" агымы кыргыз Алатоо аймактарына да XVIII кылымдын биринчи жарымында тарай баштаган. Тоолуу аймакта "Заман" агымы кыргыз "заманчыл акындары" деп аталып калган Калыгул Бай уулунун, Арстанбек Буйлаш уулунун, Молдо Кылыч Шамыркан уулунун ысымдары менен түздөн-түз байланышта.

Кыргыз жергесинде "Заман" агымы анын өкүлдөрүнүн башкы чыгармаларынын аты боюнча эл арасына таркалып кеткен. (Калыгулдун "Акыр заманы", Арстанбектин "Тар заманы", Молдо Кылычтын "Зар заманы"). Калыгулдун "Акыр заманы" жөнүндө сөз болгондо, Бухар Жыраунун "Акыр заман", Сулайман Бакырганинин "Акыр заман китаби" аттуу чыгармаларынын мазмуну менен Калыгулдун тааныштыгы болгон деп божомолдоого негиз бар.

"Заман" идеологиясынын кыргыз журтчулугундагы алгачкы өкүлдөрү Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч табийгый таланттары, чечендиктери, даанышмандыктары, адамдык касиеттери менен эл арасында зор кадыр-баркка ээ болушкан. Алар жараткан "Заман" темасындагы чыгармалар кыргыз коомдук турмушунун өзгөчөлүктөрүн өз ичине камтыган. Ошентип, кыргыз элиндеги кылымдар бою жашап келген этнофилософиясы "Заман" агымындагы адабиятта кеңири өнүгүп, натыйжада философиялык көз караштар бир канча деңгээлде калыптанганын белгилөөгө болот.

Калыгул Бай уулу

"Замана" агымынын негиз салуучусу Калыгул Бай уулу (1785-1855) Ысыккөлдүн күңгөй бетинде Карой деп аталган белгилүү аймакта манап насилинин үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Өз доорунда турмуш- тиричиликке тың, оокаттуу үй-бүлөдө бой көтөрүп, турмуштун ар кандай оор кыйынчылыктарын, түйшүгүн, жокчулуктун азаптуу запкыларын тарткан эмес. Турмуш жолунда курсагы ток, кийими бүтүн, ар бир күндү өз курбулары менен оюн-күлкү, жакшы маанайда өткөргөн. Ушул доордо кыргыз элинин көпчүлүк турмушу, социалдык-экономикалык жактан дуушар болгон оор кыйынчылыктар, мезгил-мезгили менен боло калуучу, бүткүл коомчулукту кыйынчылыкка дуушар кылган жут, азык-түлүктүн жетишпөөчүлүгү, жокчулук ар бир үй-бүлөгө өз кедергисин тийгизбей койгон эмес. Бул кыйынчылык он миңдеген күтүрөтүп мал айдаган манаптардын турмушуна да зор кыйынчылыктарды алып келген. Айрым учурларда оокаттуу адамдар да малдарынан ажырап, жакырчылыктын запкысын тарткан. Ал эми кедей, кембагал, өз күчүн сатып турмушун кылдыраткан байкуштардын жашоо шартынын деңгээли ого бетер жакырланган.

Ушул кырдаалда жаңыдан өз алдынча хандык болуп түзүлгөн Кокон хандыгы өзүнүн территориясын кыргыз уруулары ээлик кылып келген жерлердин эсебинен кеңитип, ээликке жетишкен аймактарга хандыктын бийлигинин символу, коргонуу, башкаруу борбору катары бекемделген чептерди тургузууга киришип, XIX кылымда Пишкек, Токмок, Каракол, Нарын, Кызыл коргон, Сопу коргон, Дароот коргон ж. б. чептерин бүтүрүшкөн. Кокон хандыгынын бийлик ээлери, куралданган сарбаздары өз "энчисиндеги" территорияларындагы элден хандык тарабынан белгиленген салыктарды жыйнашкан. Салык түтүн булаткан ар бир үйдөн алынган. Хандыктын салыгынан тышкары уруу башчыларынын, жер ээси болуп эсептелген манаптардын да өз алдынча жыйымдары болгон. Салыктар системасы карапайым калктын начар турмушун ого бетер кыйындаштырган. Салыктарды жыйноодо зордоп күчкө салуу, уруп-согуу, түрмөлөргө, зындандарга салуу сыяктуу ж. б. жазалар пайдаланылган. Жыйналган салыктар кыргыздардын турмуш шартын, социалдык абалын оңдоого жумшалбастан, хандыктын казынасын толуктоого гана пайдаланылган. Элдин социалдык турмуш деңгээли патриархалдык-феодалдык орто

кылымдык абалдан да төмөн бойдон кала берген. Көчмөндөр арасында мектеп, дарылануучу, атайын эс алуучу жай сыяктуу түшүнүк да болгон эмес. Калыгул төрөлгөн Каройдо мектеп болгон эмес. Жаштарды окутуу, билим берүү эч кимди тынчсыздандырган эмес. Жалпы кыргыз калкынын балдары сыяктуу эле Калыгул да кагаз бетине тамга жазып окуганды билбеген. Бирок табият тартуулаган зор касиети, таланты күн санап аны коомчулукка таанышгырды. Эл арасында бой тиреп келе жаткан Калыгулдун сөзгө болгон чеберчилиги, нуска сөздөрү, терең мазмундуу ойлору, көп нерсени туура баамдап баалай биле алышы, көрөгөчтүгү, бир эле жолу уккан сөздү эсте сактап кала ала турган касиети, өзүнүн өтө боорукер, адамгерчиликтүү, карапайым бала экендиги жөнүндөгү асыл сөздөр эл арасында легенда катары өтө тез тараган. Бул сыяктуу легендага айлана баштаган сөздөр Калыгулдун өмүрүнүн акырына чейин улантылып, элибиздин жүрөгүндө, канында сакталып калып, ал калтырган улуу мурас биздин азыркы муундарга өз таасирин тийгизип жатат деп айтууга толук негиз бар. Калыгулдун өмүрү, ал калтырган нуска сөздөрү кыргыз эли кылымдар бойлоп кастарлап келе жаткан акылмандык, адеп-ахлактык, эркин ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгүнүн учугун улагандыгын баалабай коюуга болбойт. Калыгулдун өмүрү, ал калтырган нуска сөздөрү кыргыз эли кылымдар бойлоп кастарлап келе жаткан акылмандык, адеп-ахлактык, эркин ой-жүгүртүү мүмкүнчүлүгүнүн учугун улагандыгын белгилөөгө болот.

Калыгул кыргыз эли кызыгып уккан элдик оозеки чыгармаларды бүткүл жан дүйнөсү менен кулак төшөп уккан, үйрөнгөн, ташка тамга баскандай жаттап алган. Элдик макал - ылакаптарды, анын тарбиялык маанисин өтө жогору баалап, сөздөрдү нукура элибиздин акылынын түйүлдүгү катары караган. Ал ар дайым эл арасында болууну, алар менен баарлашууну зор сыймык катары эсептеген. Көбүнчө, улуулардын уюткулуу сөздөрүн жогору баалай билген, кийинчерээк өзү жараткан акылман сөздөрүндө алардан толук пайдалангандыгын айтпай коюуга болбойт. Калыгул өзүнүн сабатсыз болгондугуна карабастан, мусулман дүйнөсүнүн руханий байлыгынын кенчи болгон Курандын сүрөлөрүн жатка билген. Аны ислам динин аркалап, тиричилигин өткөргөн молдо, эшен, кожолордон үйрөнгөн. Мезгилинде эл кыдырып, шарияттын закондорун бекемдөөнүн үстүндө аракеттенгендерден айылдаштары менен чогуу угуп, алардан айырмаланып айтылган белгилүү сүрөлөрдү жатка өздөштүрүп

алган. Ошого байланыштуу, жердештеринин эскерүүлөрүндө айтылып жүргөндөй, айылында кээ бир ооруу-сыркоолорго дуушар болгондор Калыгулга дем салып коюу өтүнүчү менен да кайрылган учурларда пенделик адеп, адамгерчилик баалуулукту эсепке алып, оорулууга дем салып, окуп койгон учурлары да болгон.

Өзүнүн жалпы түшүнүгү боюнча ислам динине, анын ыйык куралы Курандын баалуулугуна астейдил ишенген жана жогору баалаган. Ага мисал катары төмөнкү ыр саптарын көрсөтүүгө болот:

Куранды эстен чыгарган
Мыкаачы болор.
Кичүүсү укпай улуусун
Ыймансыз болор.

Ал кыргыз элин ата-бабаларыбыз таазим этип келген исламдын эрежелерин ыйык сактоого чакырган.

Калыгулдун өмүрү туулуп өскөн жери касиеттүү Ысыккөлдө, Теңир-тоодо, Чүйдө, Талас аймагында жашаган элдердин арасында өткөн. Коңшу казак элинин турмушу менен анын кеңири тааныш экендигин айтууга негиз бар. Анткени анын белгилүү чыгармаларынын бири "Акыр заман" деп аталышы да бекеринен болбосо керек. Себеби казактын белгилүү ханы Аблайдын башкаруу сарайында эмгектенип, жашап өткөн дааныштман ойчул-акын Бухар Жырау (1693-1787) жараткан "Акыр заман" дастанынын Калыгулга чоң таасир тийгизгендигин айтпай коюуга болбойт. Өзүнүн негизги чыгармасынын бирин "Акыр заман" деп атоо менен, Калыгул кыргыз элинин коомдук турмушуна анын үлгүсүн пайдаланган болушу мүмкүн. Ой жүгүртүп, акыл калчоо боюнча өз доорунда Калыгулга эч ким тең келе алган эмес. Ошондуктан өз эли чексиз кадырлаган, урматтаган, сыйлаган Калыгул кыргыз уруулары арасында боло калуучу чыр-чатактардын чоң жаңжалга айланып кетишине, касташууларга жол койбоого аракеттенген.

Уруулар аралык чабышууларды жек көргөн. Кыргыз уруларынын ынтымакта, биримдикте, өз ара кызматташтыкта болушун эңсеген. Бул пикирибизге анын төмөнкү ыр саптары толук далил боло алат:

Ырыс алды ынтымак,
Ынтымагың жок болсо,
Алдыңдан таяр алтын так[1].

[1] Мурас. Фрунзе: Кыргызстан, 1990. -1-6,24,33-б.

Бул даана айтылган ыр саптары азыркы учурда да өз маанисин жоготкон жок. Жаңыдан түптөлүп жаткан улуттук идеологиябызда бул пикирди толугу менен пайдаланууга болот. Жалпы адам баласынын тарыхында биздин эрабызга чейинки мезгилдерде бүткүл дүйнөгө белгилүү Александр Македонскийдин империясы, аны негиздеген Александрдын тарбиячысы, кеңешчиси, белгилүү грек философу Аристотель болгон сыяктуу, кыргыздарда да сарбагыш уруусунан чыккан Ормонхандын кеңешчиси, насаатчысы Калыгул болгондугун айтпай коюуга болбойт.

Калыгул- коомдук турмушка, андагы оң, терс көрүнүштөргө, адилетсиздик, мыкаачылык, зордук зомбулук өңдүү маселелерге сареп салып, аны чечмелөөгө да колдон келишинче аракет жасаган инсан. Ал Ормонханга өз карамагындагы кедей-кембагалдарга карата жасаган мамилелерин оңдоосу зарыл экендигин таамай айткан.

Көп кыйнаба кулуңду,
Угуп жүргүн мунумду.
Кезек келип калбасын
Кегин кокус албасын,- деп, бийлик ээсине эскерткендигин коомдук турмушту, анын келечегин баалай билгендигинин дагы бир далили катарында баалоого болот.

Улуу насаатчынын гумандуулук, патриоттук маанайда калтырган мурастарын улуттук идеологияны калыптандырууга толук пайдаланууга болот. Калыгул- өзүнүн табият тартуулаган акылын, ой-санаасын өз элинин биримдиги, эркиндиги жана жыргал турмушу үчүн арнаган инсан. Өзүнүн чыгармачылык иш-аракетинде туулуп өскөн жерин, жан-дили менен кыргыз элин даңазалаган. Табияттын кооздугун, сулуулугун, көркөм казынасын сүрөттөгөн ыр саптарын жараткан. Ысыккөл жөнүндөгү чыгармасында

Күңгөйдөн агат миң булак,
Тескейден агат миң булак,
Аягынан агып чыкпайт бир булак!
Тегереги туюк,
Төбөсү бийик...
Ысыккөл бейиштин бир эшигидир![1]- деп, зор шыктануу, сыймыктануу менен ырдаган. Ал өзүнүн акылмандуулугу, эл алдындагы калыстыгы менен кадыр-баркка, урматтоого жетишкен. Өзүнүн ой толгоолорунда коомдук турмуштагы ар

[1] Мурас.-Фрунзе, 1990.-22-бет.

кандай көрүнүштөргө сареп салып, адилеттүүлүк менен адилетсиздикти таамай айтып, терең баалай алган.

"Каз, өрдөгү болбосо,
Айдың чалкар көл карып.
Улук адыл болбосо,
Убара болот эл карып..."[1]- деп, турмуштагы болочок социалдык кырдаалды туура мүнөздөгөн. Жаратылыштын, жер эненин, суунун, өмүр менен өлүмдүн көрүнүштөрүнө терең философиялык ой жүгүртүү менен объективдүү баа бере алган. Айтылган пикирибизди бекемдөө үчүн акылмандын төмөнкү ыр саптарын келтирип, баамдап көрөлү.

"Жакшы болсоң жердей бол,
Баарын чыдап көтөргөн.
Таза болсоң, суудай бол,
Баарын жууп кетирген...
Чындап ажал келген соң,
Чыккан жан келбейт ал кайтып.
Өткөн өмүр-качкан куш,
Колуңа келбейт ал кайтып..."[2] деген ыр саптарынын ар

бириндеги терең мазмундуу философиялык идеяларды көз алдыңа мажбур келтиресиң. Философиянын тарыхында белгилүү болгондой, дүйнөлүк цивилизациянын өнүгүшүнө экономикалык, социалдык жактан артта калган элдердин арасынан да эчен акылы тунук акылмандар өз таасирин тийгизиши мүмкүн деген эрежеге таянып, Калыгулдун ысмын зор сыймыктануу менен атоого болот. Өмүрү, жүрүш-турушу, акыл ыргактары легендага айланып, өз элинин эсинде түбөлүккө сакталып калган Калыгул 70 жаш курагында жарык дүйнө менен коштошкон, сөөгү туулуп өскөн Караойго коюлган. Күмбөзү жалпы элдин катышуусу менен тургузулган деген маалыматтар бар.

Кыргыз акылмандары жөнүндө сөз кылганда, эске сала кете турган өтө олуттуу маселе бар. Калыгул менен Арстанбек - XVIII кылымдын акыры -XIX кылымдын биринчи жарымында жашап өткөн даанышман ойчулдар. XX кылымдын 40-жылдары алардын адабий мурастары мектептерде, жогорку окуу жайларында окутулган. Бирок советтик доордо катуу тескөөгө алынган Калыгул менен Арстанбек манап насилине таандык болгондуктан, алардын улуу мурастарын окутууга тыюу салуу боюнча чечим кабыл алынган. Ошол мезгилдеги

[1] Мурас.-Фрунзе, 1990.-24-бет.
[2] Мурас.-Фрунзе, 1990.-33-бет.

Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин катчысы К. Орозалиевдин: "Кыргызстанда тарыхый илимди жана адабиятты өнүктүрүүнүн кезектеги маанилүү милдеттери" деген макаласы ("Кызыл Кыргызстан" газетасында 1947. 12. 10до, "Советская Киргизия" газетасында 1947. 14. 10до) жарыялангандан кийин, Калыгул менен Арстанбектин мурастарын окуп үйрөнүүгө жана изилдөөгө катуу тыюу салынган. Кыргызстанда Калыгул жана Арстанбектин чыгармачылыгын алгачкы изилдеген изилдөөчүлөрдүн бири Тазабек Саманчин болгон. Ал Калыгул менен Арстанбекти кыргыз элинин таланттуу залкар акындары экендигин, алар өз чыгармаларында кыргыз элинин мүдөөсүн, оюн, максатын чагылдырып көрсөткөндүгүн жана эли үчүн кызмат кылгандыгын илимий негизде баса көрсөткөн. Ал эми Молдо Кылыч Шамыркановду жазгыч-акын, кыргыз элинин агартуучусу катары мүнөздөгөн. Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин XI пленуму, кийинчерээк XI сьезди, илимпоздор Т. Саманчинди, З. Бектеновду Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылычтын чыгармачылыгын идеалдаштырып, чеги жок мактоого алгандыгын улутчулдуктун ургун себүүчүлүк катары күнөөлөгөн. Бирок бул тарыхый адилетсиздикти Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитети өзүнүн 1988 -жылдын 29-декабрындагы "О необходимости восстановления исторической правды литературного наследия видных кыргызских мыслителей конца XIX- начала XX веков" аттуу токтомунда өз мезгилинде кетирилген кемчиликти моюнга алып, Калыгул, Арстанбек жана Молдо Кылычтын улуу мурастарын үйрөнүүнүн зарылчылыгын көтөрдү. Бул жөнүндөгү кабарды кыргыз коомчулугу чын ыкласы менен кызуу колдоду. Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Молдо Нияз, Жеңижок ж. б. ойчулдардын биздин муундарга калтырган улуу мурастарын үйрөтүүнүн зарылчылыгы жөнүндөгү чаралары иш жүзүнө ашырылууда. Маселен, Ош мамлекеттик пединститутунда 1988-89-окуу жылынан баштап бардык факультеттерде кыргыз ойчул-акындарынын улуу мурастарын үйрөнүү боюнча атайын курс 20 сааттык программа боюнча окутула баштаган. Пединститут университетке айланган 1992-93-окуу жылынан баштап, бардык гуманитардык факультеттерде атайын курс 30 сааттык программа боюнча улантылууда. Студенттердин атайын курска карата кызыгуулары өтө зор. 2000-2001 окуу жылынан Ош мамлекеттик университетинде "Кыргыз философиясы" өзүнчө

сабак катары бардык факультеттерде атайын программа боюнча окутулуп, "Кыргыз философиясы" кафедрасы уюштурулуп, анын курамында атайын даярдыгы бар илимпоздор жана адистер эмгектенишүүдө.

Адабияттар.

1. Мурас. --Фрунзе: Кыргызстан, 1990.
2. Кебекова Б. Калыгул Бай уулу. //Кыргызстан маданияты.- 1990. -10-май.
3. Калыгул, Казыбек (Казалдар).- Б., 1992.
4. Калыгул Бай уулу. –Б., 1992.
5. Улуттук идеология жана кыргыз рухий дөөлөтүнүн кайра жаралышы. -Б., 1998.

Арстанбек Буйлаш уулу

Арстанбек (1824 –жылы) Ысыккөлдүн сыртында белгилүү манап Буйлаштын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Буйлаштын эки аялы болуп, улуу байбичесинен Бабакан, Атакан, Бектур, Кулпу, Сөлпү деген 5 уулу, кичи аялы Төрөкандан жалгыз Арстанбек болгон. Ал жаш кезинен эле чыйрак, сергек, ыр жандуу өсүп, комузга шыктуулугун көрсөткөн. Шартына жараша башка бирөөлөрдөн кыргызга белгилүү күүлөрдү черткенди өтө тез өздөштүрүп алган. Эл аралап, өз өнөрүн элге тартуулаган ырчы, акын, манасчылардын аткаруусундагы чыгармаларды кунт коюп угуп, негизги мазмунун тыкандык менен өздөштүрүп эсте сактап кала алган. Бир жолу уккан чыгармасынын мазмунун өмүр бою эсинде сактап кала алган деген эскерүүлөр эл арасында сакталып келе жаткандыгын изилдөөчүлөр да айта жүрүшкөндөрү белгилүү. Бирок анын аталаш туугандары анын бой тиреп, эркин өсүшүнө мүмкүнчүлүк беришкен эмес. Алар Арстанбектин жаштыгына карабастан, манаптын короосундагы чарбалык иштерге байланыштуу оор жумуштарды аткарууга, күнү-түнү короо четинде эмгектенүүгө мажбурлашкан. Бирок ага табият тартуулаган таланттын мүрөк суусун бөксөртүп же токтотуп коюу эч кимдин колунан келген жок. Андагы талант мүнөт санап толукшуп оргуп чыгып, анын башын элине тааныта баштады. Баласынын акындык, чертмекчилик талантына көзү жеткен атасы Буйлаш Алманбет деген устага боз үйдүн уугунан улаштырып комуз жасатып берет. Арстанбек комузун күүгө келтирип, эл кыдырып, эли каалаган ой-санаасына топ келген, нускалуу сөздөр менен угармандардын көңүлүн ачкан. Анын эл арасында болушу карынын да, жаштын да көңүлүн көтөргөн. Ошондуктан Арстанбек кайсыл айылга келсе, кабарын уккан коңшу айылдагылардын дээрлик бардыгы топтолушуп келишкен. Өздөрүнүн үй жумуштарын эстен чыгарып, акындын нуска сөздөрүн, төкмөлүк маанайдагы бири-бирине топ келишкен сөздөрүн зор эргүү менен кулак төшөп угушкан. Канча убакыт өткөндүгүн байкабай калгандардын саны өтө эле көп болгондугун изилдөөчүлөр көп жолу эскерүүлөрдүн негизинде далилдүү маалыматтар менен баяндашат. Арстанбек элдик, башка комузчулардын күүлөрүнөн, өзү жараткан күүлөрдөн, бардыгы болуп 300 ашык күүлөрдү, бири-биринен өтө кылдаттык менен ачык-айрым ажыратып черте билген деген уламыш сөздөр бар. Ал жараткан күүлөрдүн арасында

БИБЛИОТЕКА
Ошского государственного
университета
Инв. № 884253

«Арстанбектин ат чубатар ботою», «Арстанбектин ырчы күүсү» жумурай журтубузга белгилүү. Ал эми «Чоро», «Көкөтайдын ашы», «Жаңыл Мырза» сыяктуу ыр- күүлөрү кийинки муундагы ырчы жана комузчулардын сезимдеринде сакталып, урмат-сый менен өз жашоосун улантууда. Арстанбек XIX кылымдын 60 - жылдарында 36 жаш курагында Ысыккөл, Тянь-Шань, Чүй, Каркыра жайыты аркылуу казактар жашаган аймактарда даңазалуу акылман, акын жана комузчу катары белгилүү болгон. Ал кыргыз эли өз башынан өткөргөн тарыхый окуялардын күбөсү болуп, ар кандай маселени элдин жана коомчулуктун кызыкчылыгы үчүн чечүүнү ойлонгон. Анын эсинде Кокон хандыгынын үстөмдүгү, бугу-сарбагыш чабыштары, Кененсары Касымов, анын иниси Нооруздун кыргыздарга каршы жасаган чабуулдары, бөөдө өлүм, кан төгүүлөр, жапа чеккен карапайым калктын көз жашы, кыйратылып өрттөлгөн кыргыз конуштары, зордук зомбулуктар, орус империясынын кыргыз жергесинде жүргүзгөн колониялык, баскынчылык саясаты түбөлүк сакталып калган. Бул сыяктуу көрүнүштөрдү акын сын көз менен карап, жактырган эмес. Кыргыздардын эркин жана көз карандысыздыкта жашоосун эңсеген. Ал өзүнүн «Тар заман» аттуу чыгармасында:

Алматыдан аттанып,
Орус келе жатыр ай.
Кыска чөптүн баарысын
Көрүп келе жатыр ай.
Узун чөптүн баарысын
Оруп келе жатыр ай
Бул орусту карасаң,
Ченчи салып, жерди алды
Бээден туулган керди алды,[1]- деп, орус колонизаторлорунун кыргыз жериндеги ээнбаштыгын муңканып ырдаган. Кыргыздардын баштарынан өтүп жаткан оор күндөрдү төмөнкүчө мүнөздөгөн:

Жасоолдор келет шарактап,
Жардынын жалгыз атын каректап.
Жасоолдор минди жакшы атты
Жардынын баарын какшатты[2].

Кыргыз жерине жаңыдан ээлик кыла баштаган орус колонизаторлорунун «жаңы тартиптериңе» түпкүрүнөн түнөк алып бара жаткан калкты ойготууга, акыл жыйнооого чакырып,

[1] Мурас.-Фрунзе, 1990.-37-38-бет.
[2] Мурас.-Фрунзе, 1990.-38-бет.

жалпы элге жар салган. Арстанбектин комузчулук өнөрү, акындык таланты күн санап өстү, өзгөчө акылман, үлгү сөздөрү анын эл арасындагы кадыр -баркын көтөрдү. Эл оозуна алынган зор талант ээлери комузчулар жана акындар менен үзгүлтүксүз жолугушуп, көптөгөн айтыштарда катышты. Ошондой беттешүүлөрдүн бири катары белгилүү Ормон хандын уулу, зор комузчу Сейилкан менен болгон жолугушуусун көрсөтүүгө болот. Айтыш Акталаа аймагында Сейилкандын айылында өткөн. Ошол учурдагы кыргыз элине белгилүү аксакал комузчулар Шабдан жана Байсал катышкан. Жолугушууда Арстанбек да, Сейилкан да кылым карыткан элдик кайрыктарды, тарыхый "дастан күүлөрдү", "арман" жана "ботойлорду" өз дараметтерине жараша аткарышкан. Угармандар экөөнүн тең бири -биринен калышпаган шыгы, таланты жана чеберчиликтери бар экендиктерин адилет баалашкан. Чертмекчилик өнөр боюнча Сейилканды женүү оңойго турбастыгын байкаган Арстанбек дагы бир амал колдонмокчу болуп, бычагын кынынан чыгарып, комуз кылын аны менен так кайрып күүсүн аяктайт. Комузчулар арасындагы мындай татаал ыкманы Сейилкан да эң сонун билген. Бирок ал ыкманы колдонууга аракеттенип жаткан учурда анын комузунун кылы чарт үзүлүп калат. Калыстар адилеттүүлүк менен «Арстанбек женди» дешип жыйынтыкташат. Бул жеңиш Арстанбектин кадыр-баркын дагы бир баскычка жогорулатты. Арстанбек 1850- жылы казактын белгилүү акыны Сүйүнбай менен да жолугушкан. Бирок казак-кыргыздардын ортосундагы кырдаалды курчутуп жибербейли деген уруу башчылары акындардын жарышын токтоттуруп коюшкан. Ал эми белгилүү казак акыны Картаңбай Арстанбек ыр ырдап, күү чертип жаткан боз үйгө кирип олтургандан кийин, «мен Арстанбек менен айтышпастан эле жеңилдим» деп ачык айткан экен.

Арстанбектин турмушундагы дагы бир зор окуя- анын 1860-жылы Алымбек датка менен жолугушуусу. Алымбек датка Кокон ханынын биринчи вазири, куралдуу күчтөрүнүн башчысы катары Мадалы хандын буйругу менен орус колонизаторлорунун хандыктын территориясына терендеп кирип келүүсүн токтотуу, мүмкүнчүлүк болсо артка сүрүп салуу максатында 12000 куралданган аскер менен Кетментөбө, Тянь-Шань аркылуу Чүй аймагындагы Узун-Агачка жөнөтүлгөн. 14000 аскерден турган экинчи топ хандын зор ишениминдеги Канат шаанын жетекчилигинде Ташкент аркылуу ошол эле жерге жөнөтүлгөн. Хандыктын эки топко бөлүнгөн куралдуу күчтөрү Узун-Агачта кошулуп, орустарга кыйраткыч сокку

урууну пландаштырышкан. Айтылган аймакка Канат шаа 2 күн мурда жеткен. Бирок Алымбектин тобунун келишин күтпөстөн, өз ара эрдигин көрсөтүү максатында орус отряддарына каршы чабуулду баштап жиберет. Орто кылымдардагы техника менен куралданган кокондуктардын чабуулун орус отряддары оңой эле мизин кайтарып, аларга кыйраткыч сокку уруп артка сүрүп таштаган. Жалпы абалды көрүп, Алымбек бул көрүнүштөн алдын ала жыйынтык чыгарып, орустарга каршы чабуулга баруу үчүн хандыктын армиясын жаңыча куралдандыруу керектигин, ал үчүн хандыктын казынасын толуктоо, куралдардын жаңы түрлөрүнө ээ болуу зарылдыгын түшүнгөн. Ошол максатта өз армиясын Чүй өрөөнү аркылуу Ысыккөл, Тянь-Шанды көздөй багыттады. Ысыккөлдө хандыкка салыктарды өз убагында төлөбөгөн бир топ манаптар жазалоо максатында хан ордосуна жөнөтүлөт. Ошол жөнөтүлгөндөрдүн арасында Арстанбектин атасы Буйлаш да болот. Арстанбек Кокон ханынын бектерине акындык ыкма менен өз өтүнүчүн билдирип комуз күүсү, мукам үнү менен алардын көңүлүн өзүнө бурат. Алымбек датка өзүнүн табияты бонча исскуствону, агартуучулукту, адептүүлүктү, кичи пейилдүүлүктү жогору баалаган инсан болгон. Ал Арстанбекти өзүнө жакын отургузуп, комуз күүсүн, мукам созолонгон жагымдуу үнүн угуп, анын табигый талантын өтө жогору баалайт жана манаптын баласы болуп туруп сабатсыз экендигин укканда өтө кейип-кепчиптир да, аны Оштогу өзүнүн медресесинде окууга да сунуш кылат. Бирок Арстанбек ал мезгилде 36 жашта экен. Алымбек датка Арстанбектен кыргыз жеринин түштүк аймактарында- Памир, Алай, ичкилик, Фергана өрөөнүндөгү кыргыздар арасында- болуусун өтүнгөн. Анын өтүнүчү боюнча Арстанбек 1860-66-жылдары жогоруда аталган аймактардагы кыргыз урууларынын арасында болуп, өз өнөрүн көрсөткөн. Анын акындык талантын түштүк аймактагы кыргыздар өтө жогору баалашкан жана ага «тоо булбулу» деген ардактуу наамды ыйгарышкан. Кыргыз журтчулугунда мындай ардактуу наамды биринчи болуп Арастанбек алган.

Адабияттар.

Мурас. –Фрунзе: Кыргызстан, 1990.
Асан Кайбылда уулу. Күү баяны. -Бишкек, 2000.
Арстанбектин "Тар заман", Күү баяны. -Бишкек, 2000. -301-309-б.
Арстанбек. -Бишкек, 1994.
Улуттук идеология жана кыргыз рухий дөөлөтүнүн кайра жаралышы. -Бишкек, 1998.

Молдо Кылыч Шамыркан уулу

Залкар ойчул жана акын Кылыч (1866-1917) Кочкор өрөөнүндөгү белгилүү Төрөкелди баатырдын тун уулу Шамыркандын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Шамыркан өзүнүн кичүү инилери Баатыркан, Үркүнчү, Карасай, Чоткарала өңдөнүп бийлик бутактарына илеше албаган. Баласы 5 жашка чыкканда Шамыркан жарык дүйнө менен коштошкон. Көп узабай Кылыч апасынан да ажырайт. Тагдыр жаздымы менен жаш бала туугандарынын тарбиясында калды. Ал жаш мезгилинен эле өтө чыйрак, сөзгө чечен, ар бир сөзүн тактап, бекемдеп сүйлөгөн бала болуп жетилет. Анын бул касиетин туура түшүнгөн туугандары аны адегенде жергиликтүү молдого, кийинчерек чүйлүк молдолордон окутушкан. Туугандары ага Токмоктогу Закир калпанын мектебин да бүтүрүүгө жардам беришкен. Ал мектепти мезгилинде Тоголок Молдо (Байымбет Абдрахманов) жана Ысак Шайбековдор да бүтүрүшкөн. Кылыч аталган мектепти бүтүрүү менен татар, казак тилинде жазылган айрым китептер, аз да болсо газеталардагы жарыяланган кабарлар менен таанышууга мүмкүнчүлүк алды. Анын жаштайынан сезилген ырга болгон шыгы өстү, ыр саптарын түзүү гана эмес, аны кагаз бетине түшүрө да алды. Молдо Кылычтын чыгармачылык, акындык шыгы эл арасында өтө тез тарады, анын ыр саптары өзүнүн сабаттуулук касиети менен башкалардан өзгөчөлөнө баштады.

Молдо Кылыч кыргыз элинин оозеки чыгармаларына кунт коюп, мүмкүн болушунча көбүрөөк угууга кызыккан. Ырчыларды, акындарды жана манасчыларды күнү-түнү ээрчип жүрүп уккан. Анын бул аракети Кылычтын келечектеги чыгармачылык эргүүлөрүнө чоң таасир көрсөткөндүгүн айтпаса да түшүнүктүү. Элдик макал, ылакаптарды кызыгып үйрөнгөн, ал да акын жараткан чыгармалардын көркүнө көрк, терең мазмун берип тургандыгына окурман өзү күбө.

Молдо Кылыч акын болуп таанылгандан баштап, айланага көз чаптырып, табият жана анын кооздугун дараметинин барынча көркөмдөп айтканды жакшы көргөн. Табият менен адамдардын биримдиги, өз ара байланышы, адамдардын табиятты коргоодогу милдеттүүлүгү жөнүндөгү проблемаларды өз чыгармаларында биринчи катарга койгон. Маселен, «Чүй баяны» «Керме тоо» «Жинди суу» ж.б. чыгармаларынан бул маанайды толук жолуктырууга болот. Молдо Кылычтын жүрөгүн титиреткен окуя 1910-жылы

декабрь айында Кемин өрөөнүндөгү болгон катастрофалык катуу жер титирөө болуп калды. Бул окуяга байланыштуу «Кысаи зилзала» аттуу чыгармасын жаратты. Ал чыгарма 1913-жылы Казан шаарындагы басмаканадан өзүнчө китеп болуп басылган. Молдо Кылыч- кылым башындагы кыргыз эли өз башынан өткөрүп жаткан тарыхый оош-кыйыш окуялардын баарынын күбөсү. Өзгөчө ага орус колонизаторлору, алар менен коюн-колтук, кызматташтыкта болуп жаткан жергиликтүү кыргыздардын феодалдык төбөлдөрү экендиктерин түшүнө алган. Кыргыздардын социалдык, саясий жана маданий турмушундагы көрүнүштөргө чын дили менен кейип-кепчиген. Ал колониялык бийлик ээлеринин кыргыздарды асылдуу жерлерден ажыратып, тоо этектете капчыгай жана таштуу аймактарга айдап жаткандыгын өз көзү менен көргөн күбөлөрдүн бири. Ошондуктан акын орус империясынын колониялык саясатын жек көрүү сезими менен кабылдап, кыргыздар капталган көйгөйлүү турмушту айгинелеген чыгармаларды жаратты.

Мисалга, акындын «Зар заман» аттуу чыгармасынын айрым саптарын окусак, ал инсандын акыл-сезүүсүн, түшүнүгүнүн коомдук турмушка канчалык тереңдигин, жүрөк сезиминдеги боорукерлик, улуттук ар -намысынын канчалык тереңдигин, жүрөк сезиминдеги боорукерлик, улуттук ар намысты канчалык деңгээлде баалай алгандыгын оңой эле түшүнүүгө болот. Молдо Кылычтан калган улуу мурас -кыргыз элинин канында, жанында жана акыл-эсинде муундан -муунга өтүп келе жаткан мурас. Бул мурасты эч тартынбастан улуттук идеологиябызды иштеп чыгууга пайдалансак, элибиздин келечеги үчүн чоң утуш болору талашсыз маселе.

Акын «Зар заманда» сөздү мындайча куюлуштурган:

Зар замандын казалы,
Калем алып жазалы.
Жөнү жокту жаздың деп
Кудайым кылба жазаны…

Замананын шумдугу-
Сөздүн кетти чындыгы
Боздотту го карыпты
Болуш-байдын чыгымы.

Бей-бечера көп берет
Бий-болуштун салымын

Жетпеди деп карабайт
Жетим-жесир карыбын
Үй башына бир алат
Оокатынын жарымын.
Акыр заман адамы
Ар жоругу баягы,
Жалган ишти чын кылат
Жедирсеңиз параны.
Заң билбеген момундар
Зарданып байкуш калады.

Эмдигинин бийлери
Ак-караны билбеди
Карып, жетим, пакырдын
Каргаганы тийбеди.

Бей-бечера зарлады
Залимдердин зарпынан...[1]- деп, кыргыз коомундагы социалдык, саясий жана экономикалык кырдаалды зор чеберчилик менен мүнөздөп, угуучунун жүрөгүндө эстен чыккыс из калтырган.

Акын кыргыз элинин оозеки чыгармаларынын негизинде белгилүү «Буудайык» аттуу поэмасынын өзүнчө вариантын жараткан, «Канаттуу», «Бүркүттүн тою» деген чыгармалардын автору. Бул чыгармалар 1925-жылы өзүнчө китеп болуп басылып чыккан. Өзгөчө «Бүркүттүн тою» аттуу дастанда кыргыз коомундагы өкүм сүрүп турган социалдык, турмуштук маанидеги олуттуу маселелер көтөрүлгөн, ал маселелер азыркы муундардын турмушунда да кездеше калып, үндөшө түшкөндүгүн эске алсак, Молдо Кылыч канчалык залкар ойчул, акылман, философ экендигин даана көрүүгө болот. Молдо Кылычтын канаттуулар жөнүндөгү дастаны менен таанышкандан кийин Мухтар Ауэзов: «Кылычтын чыгармаларындай куштардын сүрөттөлүшүн дүйнөлүк көркөм адабияттан кезиктирүү кыйын»,- деп бекеринен айтпаса керек. Акындын дүйнө кабыл алуусу элдик аң-сезимдин бардык рационалдуу жагын өзүнө сиңирип, аны учурга карата актуалдаштырат. Ал жараткан чыгармаларда дүйнөнүн бардык картинасын кайра ой жүгүртүп карап чыгуу эмес, салттуу баалуулуктардын шкаласын кайра иштеп чыгуу проблемасына арналган.

[1] Мурас. Зар заман. -Фрунзе, 1990.-43...-бет.

Молдо Кылычтын дүйнөгө болгон көз карашында башкы багыт бардык нерсенин өзгөрүшү жөнүндөгү идея эсептелет. Ал бардык нерсе кыймылда турарын тастыктоого аракеттенген. Жаратылыштын бардык түрлөрү токтоп калбастан, өзүнүн абалын өзгөртүп турарын айткан. Мисалы, пайда болуу, төрөлүү, кыйроо, жоголуу эч качан токтобостугун айткан. Молдо Кылычтын этикалык идеялары рухий жашоонун көрүнүштөрүн антропологизациялоого багытталып, биринчи орунга адам проблемасы коюлат. Этикалык идеялары жупуну элдин жүрүш-турушуна жана ишмердүүлүгүнө багытталган.

Акындын этикалык көз караштарында аялдар маселеси маанилүү орунда турат. Аялдын сулуулугу анын тышкы кооздугунда эмес: рухий ахлактык деңгээли, мамилеси, меймандостугу, үйдү сарамжалдуу кармай алгандыгында экендигине басым жасаган. Акындын чыгармаларында жалпы калайык-калктын жакырчылыктагы оор турмушу, анын себептери, күнөөкөрлөрү ачык даана чагылдырылат.

Ал эми коомдук турмуштагы орун алган адилетсиздик, теңсиздик, кемсинтүү сыяктуу көрүнүштөргө акын нааразылык билдирген.

Молдо Кылычтын чыгармаларында XX кылымдын башындагы кыргыз турмушунун жалпы көрүнүштөрү мүнөздөлөт. Ошондой эле кыргыз жеринин Кокон хандыгынан Россиянын курамына өтө башташы менен турмуштун экономикалык, социалдык жана маданий структурасындагы өзгөрүүлөр жөнүндөгү көрүнүштөргө орун берилген. Бул анын ой жүгүртүп турмушту баалай алгандыгын айгинелейт. Молдо Кылыч жазгыч акын, агартуучу болгон. Ал жаштарды талыкпай билимдүү болууга, улуулардан таалим алып, кеңештерин угууга үндөгөн. Акындын ырларында кыргыз жеринин жаратылышы, ажайып кооз көрүнүшү, али өздөштүрүлбөй жаткан байлыгы, жаныбарлар дүйнөсү, жер жемиштери, жан жыргаткан салкын абасы сүрөттөлөт. Ошондой эле кыргыз илимпоздорунун ар кайсы мезгилдерде жазылган илимий макалаларынан Молдо Кылычтын артыкчылыгын, билги географ жана этнограф, ботаник жана зоолог, мекен жеринин сүрөтчүсү жана акыны экендиги жөнүндөгү адилеттүү сөздөрдү окуп, акындын элибиз кадырлаган улуу талантына сыймыктанбай коюуга болбойт.

Адабияттар:

1. Юнусалиев Б. Молдо Кылычтын революцияга чейинки кыргыз турмушу чагылдырылган чыгармаларынын айрым маселелери. //Ала-Тоо.- 1989.- №12.
2. Юнусалиев Б. Молдо Кылыч Шамыркан уулу. Зар заман. //Ала-Тоо.- 1990- №1.
3. Юнусалиев Б. Молдо Кылыч Шамыркан уулу. Поэмалар. //Ала-Тоо.- 1990.- №2.
4. Молдо Кылыч. (Казалдар).-Фрунзе, 1991.
5. Жаныбекова В. Молдо Кылыч - доор жарчысы.-Ош, 2000.
6. Жаныбекова В. Залкар ойчул-акындардын чыгармаларындагы үндөштүк.-Ош, 2000.

Токтогул Сатылганов
(1864-1933)

XIX кылымдын аягы жана XX кылымдын баш чениндеги ойчул акындардын ичинен Токтогул соолгус акындык таланты менен айырмаланып турат. Анын ырларында кыргыз элинин тарыхы чагылдырылган, эмгекчи эл данкталган, эзүүчүлөрдүн бети ачылган, коомдук кемчиликтер айыпталган. Акын жаркын келечек жөнүндө кыялданган, бул дүйнөдө жашоонун ырахатын пропагандалаган. Акындын бай көркөм мурасы эркиндик үчүн күрөш пафосу бактылуу турмушка умтулуу идеясына сугарылган. Ал кыргыз элинин эркин ой жүгүртүүсүнүн мыкты каада-салттарын өздөштүрүп, аны дагы да терең байытты.

Токтогул Сатылганов 1864-жылы кооз тоолуу өрөөн Кетмен төбөнүн Сасы-Жийде кыштагында кедейдин үй-бүлөсүндө туулган. Ошол учурда административдик бөлүнүү боюнча Кетмен төбө Наманган уездинин курамына кирген. Токтогулдун атасы Сатылган кедей болгон, бирок жакшы мүнөзү менен айырмаланган. Ал эмгекчил, кайраттуу, алдына койгон максатын өжөрлүк менен ишке ашырган киши катары белгилүү эле. Сатылгандын бул касиеттери уулунун тарбияланышына жана калыптанышына чоң таасир этти.

Токтогулдун энеси Бурма кошокчу болгон. Сатылган, башка көптөгөн жалчылар сыяктуу, үй-бүлөнү багуу үчүн жергиликтүү байларда малайлык кылган. Ал кой бакчу, Бурма болсо мүлктүү үйлөрдө тыным алуу дегенди билбей иштеген. Бирок жубайлар канчалык аракеттенишсе да жокчулуктун торунан кутула алышпады. Кичинекей кезинен эле болочок тоо булбулу турмуштун ачуусун татып көрдү. Ата-энеси менен бирге ал байга жалданып иштеди, ал эми он экиге киргенде, башка байга жардамчы болууга аргасыз болду. Ошентип, койчулуктун кайгылуу ачуу турмушун жаш Токтогул жону менен сезди.

Токтогул сезимтал жана жөндөмдүү болуп өстү. Анын эсинде жергиликтүү феодалдарга карата айтылган атасынын сөздөрү, энесинин жомоктору жана ырлары биротоло сакталып калды. Айрыкча музыка менен поэзияга карата сүйүүнү, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн ойготууда энеси чоң роль ойногон. Ал болочок акындын биринчи окутуучусу болгон, анын чыгармачылык фантазиясын, ырга болгон шыгын ойготкон. Өз кезинде Токтогул өмүр бою энесинин жаркын элесин унутпай жүрдү. "Апакем, аман барсыңбы?" деген ырында апасы жөнүндө минтип ырдаган:

Айланайын апаке!
Балапандай баккансың,
Ак сүтүңдү эмизип,
Бооруңа басып жаткансың.
Алты аркар жылдыз батканча
Алты айланып эмизген
"Анык акын Токтогул
Кимдин уулу дегизген!"
Жетиген жылдыз батканча
Жети айланып эмизген
"Жергелүү журтка сайраган
Кимдин уулу!" дегизген.
Ардактап мени төрөгөн
Алдейлеп сүйүп бөлөгөн.[1]

Он беш жашында Токтогул толук калыптанган акын жана комузчу катары кеңири белгилүү болду. Ал дыйкандар арасында өз ырларын аткарып, айыл аралай баштады. Жаш акындын жүрөк титиреткен, чынчыл ырларын эл тилектештик жана жактыруу менен кабыл алды. Адегенде анын чыгармаларынын көпчүлүгү лирикалык маанайда болгон. Кийинки жылдары анын чыгармачылыгында кескин түрдө феодалдык турмуштун түрлүү жактарын сындоо үстөмдүк кыла баштады. Мунун башаты акындын бийликтегилерди сынга алган айтыштары болду. Жаш Токтогулдун биринчи айтышкан кишиси бай-манаптардын эшик акыны Арзымат эле. Бул айтышта болочок акын жеңип чыкты. Анын ырынан жергиликтүү феодалдарды мактоо эмес, чындыктын үнү угулду. Анда эр жүрөктүүлүк, жөнөкөй инсандык абийир, эмгек, акындын намыскөйлүгү даңкталды. Айтыштын аягында отургандардын жалпы күлкүсүнүн коштоосу менен Токтогул төмөнкүчө ырдады:

Кара карга үндөнүп,
Каркылдаган урганым,
Манапты ээрчип эт жеген,
Мадырайган соргогум!
Мени жакырсың деп кордодуң.
Жакыр да болсом мен өзүм,
Жаандан чыккан жоргомун.[2]

---

[1] Токтогул. 1 том.-Ф.: Адабият. 1989,-146-бет.
[2] Мурас.-Ф., 1990,-214-215-бет.

Ушул күндөн тартып ал акындыкты кесип кылган киши катары белгилүү болду. Эмгекчил элдин турмушу менен тыгыз байланышы болочок ойчулдун дүйнө карамынын өзгөчөлүгүн аныктады. Айлана чөйрөнү тереңирек таанып билген сайын, анын чыгармачылыгынын социалдык тематикасы улам курчуп, ал эми феодал төбөлдөрүнө кооптуу боло баштады. Кыргыз элинин таанымал акыны катары Токтогул айылдарды кыдырып, өз ырларын аткарып жүрдү. Ал кыргыз конуштарына жакын турган казак айылдарында, өзбек кыштактарында да болгон. Каерде жүрбөсүн, акын эмгекчил элдин тиричилиги жана рухий байлыгы менен терең таанышууга аракеттенген. Анын түрлүү жерлерге саякат кылышы, түрлүү -түмөн эл менен учурашуусу жаш акындын көз карашын кеңейтти. Эзилүүчү жана эзүүчүлөрдүн турмушу, дин кызматкерлеринин кылык-жоруктары менен тааныштырды. Ушундай жол менен келечектеги тоо булбулу өзүнүн чыгармачылыгын өнүктүрүүнү уланта баштады. Бул өңүттө акыйкат сөздү Жоомарт Бөкөнбаев айтып кеткен: "Болочок акындын жүрөгү оргуштаган кубат жана сүйүүгө жык толгон эле (эмгекчи элге карата- Ж. Ж.). Ал күн сайын ыр токуунун жана аны аткаруунун чеберчилигин өнүктүрүп отурган".[1]

Өзүнүн акындык таланты менен Токтогул калайык-калктын көңүлүн бурду. Бай-манаптар бир топ жолу улуу ырчыны өз тарабына тартууга аракет кылышты. Бирок бул аракеттер ишке ашкан эмес. Феодал төбөлдөргө кызмат кылууну акын кемсинтүү деп эсептеген. Жаш Барпыга ал минтип насыят айтат:

Кетмен чапкан кедейди
Келиштирип ырдагын.
Башынан бузук байларга
Балам, көңүл бурбагын.
Орокчу болсо, толуксуң,
Өзүң барып жолуккун.[2]

Элдин ой-пикирин, үмүтүн билдирген ырлар жергиликтүү феодалдарга жакпады, акырында манаптардын жалган чагымы боюнча, Анжиян көтөрүлүшүнүн катышуучусу деген жалаа менен 1898-жылы акынды камакка алышты:

Эки колум байлатып,
Эки көзүм жайнатып,
Кыямат салдың башыма,

[1] Бөкөнбаев Ж. Токтогулдун бала чагы// Ленинчил жаш. –1940.- 22-ноябрь.
[2] Токтогул. II т., 93-бет.

Кылмышы жок айдатып,[1]- деп ырдаган бул тууралуу Токтогул.

1898-жылы август айында Токтогул башка айыпталгандар менен Анжиян түрмөсүнөн Самаркан аркылуу Красноводскиге, андан кийин Астрахань, Москва аркылуу Тобольск жана Тюмендин түрмөлөрүнө жөнөтүлгөн. Кийинчерек каторжниктер, алардын ичинде улуу акын, Иркутскиге жеткирилген, андан ары Александровский централ деген ары кайгылуу, ары кыска атка ээ болгон Александрийский каторгалык түрмөсүнө жөнөтүлгөн. Ырчынын Сибирге чейин басып өткөн жолу алыс жана татаал болгон. Акындын Александрийский централда болушу анын андан наркы ишмердүүлүгүндө чоң мааниге ээ болду. Дал саясий айыпталган революционерлер менен жолугушуу Токтогулдун дүйнө карамын, социалдык теңдик жөнүндөгү анын түшүнүгүн кеңейтет.

Токтогул Сибирь сүргүнүнөн качууга аракет кылат. Бирок биринчи аракети ишке ашпады. Бул аракети үчүн акындын каторгалык жумуш мөөнөтү жетиден он эки жылга көбөйтүлдү.[2]

Он жылдан кийин Семен жана Харитон деген досторунун жардамы менен Токтогул экинчи жолу качып, 1910 – жылы Ата мекенине кайтып келет жана Октябрь революциясына чейин бийликтерден жашынып жүрөт. Аң—сезимдүү турмушун акын эл массасынын азаттыгы үчүн күрөштө өткөрдү. Кыргыз коомунун социалдык теңсиздик жараткан жарасын ачып көрсөткөн жана жергиликтүү феодалдардын жана падышалык чиновниктердин зордук-зомбулугун ашкерелеген ырларды чыгарды:

Жетим, жесир, алсызга
Карабадың, беш каман,
Жетилсин деп жардыны
Санабадың, беш каман.
Жеп, ичкенден башканы
Каалабадың, беш каман.[3]

Ушундай караңгы доордо Токтогул эмгекчил элдин экономикалык жана рухий эзилүүсүнө ачыктан -ачык каршы чыккан жана жалпы адилеттүүлүктү орнотууну талап кылган. Ал оор экономикалык эзүүнүн себебин түшүнүүгө аракеттенген.

---

[1] Ошондо, 5-бет.
[2] Токтогул Сатылганов. Сб.статей. Киргосиздат.-Ф., 1958,-32-бет.
[3] Мурас.-298-бет.

Чектелген жана баео мүнөзүнө карабай, Токтогулдун көз караштары эбегейсиз прогрессивдүү мааниге ээ экендиги шек туудурбайт.

Эмгекчилерди укуксуздук жана жакырчылыктан куткаруунун чыныгы жолдорун таба албаган акын эзилгендердин азап-тозогун исламдын моралын сындоо жолу менен жеңилдетүүгө ниеттенген. Токтогул мусулманчылыктын айрым тескери жактарына чечкиндүү түрдө каршы чыккан, анткени алар элдин канын соргон молдо, эшен, калпа сыяктуу дин өкүлдөрүнүн баюусуна шарт түзөт. Акын аларды төмөнкүчө мүнөздөйт:

Эл ичинде кыдырган,
Эшен болот дечү эле.
Элден алдап албаса,
Кесел болот дечү эле.
Эшен менен энчилеш,
Калпа болот дечү эле.
Аркасында асынган,
Калта болот дечү эле.[1]

Өз ырларында акын исламдын өкүлдөрүнүн феодалдык-уруу төбөлдөрү менен түз байланышын обьективдүү түрдө көрсөткөн, себеби алар эмгекчи элди өз ара биримдикте алдашкан. Мындай ыр саптары патриоттук саптарга суугарылып, диний өкүлдөргө гана эмес, аларды пайда кылган жана колдоп-кубаттаган коомго да чыгарылган каардуу өкүм болчу.

Башкаруучу таптар жана ислам кызматчылары социалдык адилетсиздикке нааразычылыкты ырайымсыздык менен басып турган жана расмий шарияттан четке чыккандык куугунтукка алынган шартта акындын алдына койгон максатынын ишке ашуусунун жалгыз каражаты- элди диндин торунан бошотуу эле. Ал элге коомдогу укмуштай адилетсиздикти, анын ирип-чиригендигин ашкерелеп, кулчулуктун кишенинен кутулуу жолдорун көрсөтүүгө аракет кылган.

Пакиза, жоош болуп көрүнгөн эшен, калпалардын сандырак сөздөрүн Токтогул катуу сындаган:

Шарияттты айтууга
Канчалык жетет чамаңар?
Ажырата албадым
Аялга окшош караңдар.

[1] Ошондо, -296-бет.

Ак элечек оронгон
Алдамчынын шерти экен.[1]

Ойчул акын ислам кызматчыларынын тиги дүйнө жана бейиштин "кереметтери" жөнүндөгү кептеринин маанисиздигин шылдыңдайт:

Эшендердин бейиште
Ачып койгон даярдап,
Эшиги бар дечү эле.
Көрүп келген бейишти
Жетиги бар дечү эле.
Акыреттин маанисин
Барып, көрүп келишет.[2]

Үзгүлтүксүз демократизм жана эмгекчилердин чыныгы кызыкчылыгын айкын түшүнгөндүк Токтогулга диндеги консервативдүү күчтү гана эмес, калайыкка кас болгон реакциялык социалдык кубулуштарды да көрүүгө мүмкүнчүлүк берди. Аркы дүйнөнү эмгекчилерди алдоо жана эзүү максатында мусулман төбөлдөрү ойлоп тапкан, деп ырастайт ал.

Токтогулдун революцияга чейинки Кыргызстанда өткөн бардык өмүрү, ишмердүүлүгү, ой-пикири жана умтулушу ошол доордогу коомдун кемчиликтерине каршы багытталган эле. Ал эмгекчилерди тигил эмес бул реалдуу дүйнөдө жашоого чакырган:

Кайран өмүр барында,
Балалыктын чагында,
Гүлкайырдай гүлдөп ал,
Күлгүн жашың барында.
Карылык куун жеткен соң,
Кайран өмүр өткөн соң,
Кара чым басып денеңди,
Каларсың жердин алдында.[3]

"Үч кожо" деген ырында, кожолорго кайрылып, алардын куру кыйкырыгын какшыктайт:

Орду жок сөздү көп сүйлөп,
Дүйнөнүн жүзүн булгайсың.
"Алла-алла-алла" деп,
Алуу ырын ырдайсың.[4]

Андан ары акын какшыктап туруп, кожого суроо узатат:

---

[1] Мурас.-297-бет.
[2] Ошондо, -298-бет.
[3] Мурас.-300-бет.
[4] Токтогул. II т.,- 54-бет.

Же болбосо кудайың
Чачканбы элге жеминди?[1]

Токтогулдун пикиринче, исламдын окуусу эл массасын эзүүнүн, башын айландыруунун көшөгөсү жана камчысы болуп кызмат кылат. Ал жөнүндө акын:

Өзүм болсо кирбеймин
Олуянын тилине.
Окуп жатат беш убак,
Намаздын жайы эмине?
Кыйкырып элге жатышат,
Азан айтып күнүгө,[2]- деп таңданат. Ошондуктан Токтогул инсандын табийгый кубаттуулугунун ырчысы болуп саналат. Ал ислам идеологиясынын мистификациясына ишенген эмес.

Мусулман төбөлдөрү Алланын жана Мухаммед пайгамбардын ысымдары менен эксплуататорлордун эзүүсүн жана кара ниет максаттарын байланыштырышканы исламдын тарыхынан белгилүү. Ислам жана анын үгүтчүлөрү феодалдарга берилип кызмат кылышкан, падышачылыктын колонизатордук саясатынын чыныгы өнөктөрү болушкан. "Бардыгы Кудайдын колунда, анын амирисиз даректын бир да жалбырагы түшпөйт," деп үйрөтөт ислам. Адамдар үчүн "эркин тандоо жок". Алар "дүйнөлөрдүн өкүмдары, Кудай каалаганды гана каалай алышат". "Бактысыздыкта чыдамдуу бол: бул биздин зарыл тагдырыбыздын бири,"- деп үйрөтөт Куран.

Ислам идеологиясынын адамдын эркин таануусунун маңызы эмгекчилерди пассивдүүлүккө кириптер кылуудан, аларда таптык өздүк аң-сезимдин калыптанышына жолто болуудан турат жана өз күчүнө ишенбегендикти пайда кылат. "Билип койгула,- деп айтылат Куранда,- бул дүйнөдөгү турмуш алдамчы көңүл көтөрүү, өзүн сооротуу, убаракерчилик жасануу, өз ара мурун көтөрүү, көп мүлк жана балдар менен өзгөчөлөнүүнү каалоо".[3]

Адамдардын жердеги турмушун ислам өтүп кетчү, убактылуу кубулуш, караан, алдоо деп эсептейт, ал эми чыныгы бактылуу турмуш өлгөндөн кийин гана башталат.

Ислам идеологиясынын дал ушул үгүтчүлөрүнө карата Токтогул өз сынын багыттап, алардын үгүттөрүнүн орунсуздугун ашкерелеген. Адам акылынын чексиз кубатын даңктап, ислам өкүлдөрүнүн-"кудайдын кулдарынын" - алсыздыгы, алардын тагдыры Алла Тааладан алдын ала

[1] Ошондо,-55-бет.
[2] Ошондо,-49-бет.
[3] Цитата Д. А. Патруешевдин Ислам.-С.-П.: Знание,1960,-34-бет.

аныкталгандыгын сындап, Токтогул тиги дүйнөнү танат. Акындын пикиринче, өлүм- өмүрдүн аягы, анткени "кайран өмүр өткөн соң, кайрылып келбей коерсуң",[1] "кара чым басып денеңди, каларсың жердин алдында".[2] Ошол себептүү акын элди бул турмуштан, ислам идеологиясы үйрөткөндөй, баш тартпоого, жер үстүндө бактылуу өмүр сүрүүгө умтулууга чакырат. Жандын бир денеден экинчиге түбөлүктүү көчүп жүрүшү, бул дүйнөдөн аркы дүйнөгө өтүп кетиши жөнүндөгү мусулман кызматчыларынын үгүтүнө Токтогул стихиялуу-материалисттик каршы көз карашта болгон. Өлүмдүн келиши менен дене жана жан жашоосун токтотот деп эсептейт Токтогул. Кыргыз элинин эркин ой жүгүртүүсүнө таянып, акын жандын өлбөстүгү ойдон чыккан кеп деп ырастайт.

"Гүлдөп ал" ырында Токтогул жерден тышкары жашоо жоктугун, тирүүнүн өлүшү ошол эле учурда жалпы эле жандын ишмердүүлүгүнүн токтошу деп ырастайт. Ошондуктан, акындын пикири боюнча ар кандай жыргал ушул дүйнөдө болууга тийиш:

Кара күрмө шай кийип,
Бойлогула, кыздар ай.
Кадыр, көңүл бар чакта
Ойногула, кыздар ай.
Кайрылып келбейт өмүрүң,
Ойлогула, кыздар ай.
Ойной албай, күлө албай,
Ойногонду биле албай,
Кайран жашты картайтып,
Койбогула, кыздар ай.[3]

Жердеги турмуштан башка турмуш жок, ал эми кайра тирилүү жөнүндө сөз да болушу мүмкүн эмес:

"Кара чым басып денеңди,
Каларсың жердин алдында".[4]

Ошентип, мусулман теологдорунун жандын көчүшү жөнүндөгү элестери Токтогулдун катаал жана обьективдүү сынына туш келди. Ал мусулмандар арасында кеңири тараган өлүм жөнүндөгү ырым-жырымдарды танган.

Адам өлгөндөн соң, ар кандай акылдуу ишмердүүлүк мүмкүнчүлүгүнөн ажырайт, жоголот, б.а., чирийт деп ырдаган акын.

---

[1] Токтогул. II т.,- 211-бет.
[2] Мурас.-300-бет.
[3] Мурас.-300-бет.
[4] Ошондо.

Өз чыгармаларында ырчы каардуу түрдө диний-схоластикалык догмаларга каршы чыгат. XIX кылымдын аягы-XX кылымдын башында Кыргызстандын прогрессивдүү ойчулдарынын ичинен Токтогул ырым-жырымдарга жана өмүр, өлүмдүн маңызын диний түшүнүүгө чечкиндүү каршы чыккан атактуу ойчул катары белгилүү болгон.

Орто Азия жана Казакстандын Бируни, Ибн-Сина, Навои, Улугбек, Абай сыяктуу улуу ойчулдарына салыштырмалуу Токтогул Сатылганов эч кандай билимге ээ болгон эместигине карабай, ислам идеологиясынын кемчиликтерин ашкерелеген. Дин кызматкерлери тиги дүйнө тууралуу калптарды айтып отуруп, элди зарыл маселелерден алаксытышат, деп белгилейт ойчул. Алар элди алдаганды, анын тегерегиндеги кызыл кулактыкты жаап-жашырууга аракеттенишип, феодал ак сөөктөрдүн малайлары кызмат кылат.

XIX кылымдын аягы- XX кылымдын башындагы кыргыз элинин турмуш шартындагы динге ишенүүчүлүктүн негизги себептери элдин рухий эзилгендиги, маданий жактан артта калгандыгы, караңгылыгы экендиги белгилүү.

Падышалык чиновниктер жана жергиликтүү феодалдар эмгекчил элдин ар-намысына, ой-пикирине, сезимине кубаттуу идеологиялык басым жасап, аны караңгылыкта жана түркөйлүктө кармап турган. Падышалык өкмөт ислам идеологиясын эл массасын рухий эзүү максатында кеңири пайдаланган жана аны ар тараптан колдоп-кубаттап, өзүнүн таянычына айландырууга аракеттенген.

Падышалык режимдин тушунда диний ырым-жырымдарды аткаруу үчүн мусулман дин кызматкерлери мечит, медресе, мектеп, көптөгөн дин төбөлдөрүнөн турган кубаттуу аппаратка ээ болгон. Алардын жардамы менен диний ишмерлер элдин ан-сезимине ислам идеологиясын орноштурган. Мисалы, Ош уездинде гана 1914-жылы 3170 окуучусу бар 229 мектеп, 1178 окуучусу бар 88 медресе, анын ичинде Ош шаарында 200 окуучу шугулданган 5, Пржевальск шаарында 45 окуучулук 1 медресе иштеген.[1]

Мектептер негизинен майда диний кызматкерлерди-мечиттердин имамдарын жана жергиликтүү мектептердин молдолорун даярдашкан жана балдарды турмушта зарыл өнөрлөргө үйрөткөн эмес.

[1] Айтманбетов Д. Школьное дело в Туркестане.-Ф., 1963.-37-бет.

Падышачылыктын элге каршы консервативдик саясатынын акыбетинде Кыргызстанда ар бир 100 кыргыздын экөө гана сабаттуу эле, алар да эзүүчү тапка тиешелүү болгон.[1]

Наадандык, сабатсыздык, диний ырым-жырымдар- эзүүчү таптын берекелүү кыртышы. Ушундай социалдык-экономикалык шарттарда демократ-акындын чыгармалары караңгылык, наадандык жана диний ырым-жырымдарга каршы күрөштө чоң роль ойноду. Акындын мусулман дининин төбөлдөрүнө каршы чыгышы олуттуу атеисттик традицияны түздү. Токтогулдун диндин айрым догмаларын сынга алуусу кыргыз элин диний уйкудан ойготту.

Бирок улуу ойчулдун ою илимий мүнөздө болгон эмес, обьективдүү дүйнөгө карата көз карашы чектелгендиктен, ал диндин келип чыгышынын, жашоосунун себептерин, аны жеңип чыгуунун жолдорун билген эмес.

Адамдардын жүрүм-турумундагы адилеттүүлүк, арнамыстуулук жөнүндө айтып жатып, акын эзилген элдин асыл сапаттарын тарбиялоого салым кошкон. Анын санаттары эмгекчилердин кеңири катмарларын моралдык жактан тарбиялоодо айрыкча ыңгайлуу каражат эле, себеби аларда жакшы адамдын адеп-ахлактык сапаттары баяндалган. Токтогулдун пикиринче, ар бир инсандын өмүрүндө кандайдыр максат болушу керек, ансыз анда активдүү ишмердүүлүк болбойт. Демократ акындын бул ою мезгилинде эл массасынын прогрессивдүү аң-сезиминин калыптануусунда маанилүү роль ойногон.

Ошентип, Токтогул өз санаттарында моралдын оң эрежелерин идеалдаштырган.

Этикалык окуунун жакшылык жана жамандык сыяктуу категориялары Токтогулдун чыгармачылыгында кыйла толук чагылдырылган. Жердеги турмушту баарынан жогору койгон акын азап-тозокту адеп-ахлактык жакшыланууунун сөзсүз шарты деп эсептеген эмес. Тескерисинче, өз укугу, адилеттүүлүк үчүн күрөшкөн инсанды көкөлөткөн. Ошону менен бирге ырчы адеп-ахлактык максаттарды туура түшүнүүгө аракеттенген. Жакшылык менен жамандыкты адамдардын ишмердүүлүгүнүн түздөн-түз натыйжасы деп карайт акын. Адамдын азап чегүүсүнүн себебин талдап жатып, ал коомдук турмуштун адилетсиздигин айыптайт.

Айлана чөйрөнү кунт коюп үйрөнүүнүн жана обьективдүү чагылдыруунун натыйжасында акын жаратылыштын кубулуштарына карата айрым стихиялуу- материалисттик көз

[1] Жамгырчинов Б. Присоединение Киргизии к России.-М., 1959.-391-бет.

караштарды айткан. Алардын баео жана бышып жетиле элек божомолдор экендигин айта кетүү абзел. Бирок бул ой-пикирлерде жаратылыш кубулуштарын "кудайдын керемети" менен эмес, табийгый мыйзамдар менен түшүндүрүү аракети байкалат. Токтогул ачык-айкын дүйнө жаратылыштан сырткары турган күчтөрдүн кийлигишүүсүсүз, өзүнүн табийгый мыйзамдары боюнча жашайт жана өнүгөт деп жарыялаган. Буга анын "Суу чыкса талаа кулпунат" деген ыры мисал боло алат. Анда өз оюн Токтогул төмөнкүчө билдирген:

Суу болбосо, жер карып,
Алалбай түшүм эл карып,
Эмгек-элге, суу –жерге,
Сиңсе деп каалайм мен карып.[1]

Жаратылыштын табийгый мыйзамдарына байкагычтык менен көзөмөл жүргүзүүнүн акыбетинде Токтогул түрлүү түмөн буюм жана кубулуштардын булагын материалдык буюмдардын бири болгон суудан көргөн. Ал сууну жаратылыштын калган бардык кубулуштарынын, анын ичинде жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн жана адамдын өнүгүшүнүн негизин түзөт деп эсептеген.

Мындан тышкары акын жаратылыштын бардык кубулуштары токтоосуз өзгөрүп, өнүгүп турарын, дүйнөдө сенек болуп калган эчтеке жоктугун, бардык нерсе ойрондолуп жана жаңыланып турарын баамдаган. Ал: "Бу дүйнөдө сынбаган, жоголбогон нерсе барбы?"- деп сурайт. Албетте, сабатсыз акындан мындай татаал суроолорго илимий жооп күтүү баеолук болор эле. Бирок акындын жооптору ошол доордогу кыргыз коомунун рухий өнүгүү деңгээлине жараша материалисттик мүнөздө эле.

Жаратылыш кубулуштарын чексиз өзгөрүү жана кыймылда карап, Токтогул дүйнө Алла жараткандан бери эле абсолюттук тынчтыкта жана өзгөрүлбөс абалда турат деген мусулман диний схоластикасына сокку урат. Өзүнүн "Өмүр" деген ырында табияттан сырткары турган күчтөрсүз дүйнө көрүнүшүн сүрөттөйт. Бул ырда акын алланы адилеттүүлүктүн жана соопчулуктун булагы деген сапаттардан ажыратып, аны какшык жана күлкүнүн обьектисине айландырган. Демократ акындын мындай позициясы коомчулукта сөзсүз, оң роль ойноду, анткени анда диний элестерди негативдүү гана эмес, позитивдүү да сындоо болгон. Албетте, Токтогулдун ислам идеологиясына каршы айткан ой-пикирлери илимий негизде

[1] Токтогул. II т.,- 194-бет.

болушу мүмкүн да эмес болчу. Ошого карабай, конкреттүү жашоо шарттарды өзгөртүүгө чакырып жатып, ал исламдын догмаларын теңселткен.

Токтогул божомолдогондой, дин төбөлдөрүнүн социалдык багыты- бул "атактууларды коргоо, кедейлерди эзүү". Акындын ислам кызматчыларынын "ыйыктыгын" ашкерелөө диний бир катар жоболорду тануу менен байланышкан. Мисалы, "Үч кожо" деген сатиралык ырда ал шариятты толук бойдон танууга чейин барган.[1] Акын кыжырдануу менен молдо, эшен, калпалардын "тилине алсыраган кедейлер аргасыздан көнүшкөнүн"[2] айтат. Токтогул чечкиндүү түрдө, жек көрүү менен, эшендерге каршы чыккан.

Белгилүү болгондой, эшендер дайыма эмгекчилердин эзилген абалын актап келишкен. Эшендердин пикиринче, эзүүчү жана эзилүүчүлөр жалпы кудайдын амиринен келип чыккан себептүү алар бири бирин жакшы көрүүгө тийиш. Ушул негизде ислам идеологиясынын тарапкерлери социалдык-экономикалык теңсиздикти, катаал эксплуатацияны, ачкачылыкты, эмгекчи элдин жакырчылыгын акташкан.

Айрыкча көрүнүктүү эшендердин жалган кереметтери жөнүндө тараган көптөгөн легендалардын аркасында кыргыздар аларды адаттан тышкаркы адамдар- кишилер менен кудай ортосундагы "ортомчул" -катары эсептешкен. Бардык мусулмандар назир катары аларга мал, эгин, мөмө жана өз эмгегинин башка жемиштеринен берип турушкан. Эл массасынын сабатсыздыгын пайдаланып, эшендер адамдарды ооруудан, социалдык дарттардан куткаруучулук милдетти моюндарына алгансып жүрүшкөн. Өзүлөрүнүн табыптык ишмердигинде алар тумар, бозубанд, оби дам ("мүрөктүн суусу") сыяктуу жалган көз боемочулук каражаттарды пайдаланышкан. Байыркы дооpлордо бул ыкмаларды көз байлоочулар, бакшылар сыяктуу дин өкүлдөрү колдонушкан. Берген баталары, ноокастарды "дарылашканы" үчүн алган акыларынан тышкары, эшендерди феодалдык төбөлдөр да материалдык жактан камсыз кылып турушкан, атап айтканда, жер бөлүп беришкен. Натыйжада, динге ишенгендердин "ыйык" коргоочулары деп эсептелинген көптөгөн эшендер ири феодал-эзүүчүлөргө айланып кетти.

Ислам дини менен феодал- уруучулук төбөлдөрдүн ортосунда тыгыз байланыш бар экенин айта кетүү абзел. Молдо, эшендер бай- манаптар менен жең учунан биригип,

[1] Токтогул. II т.,- 45-бет.
[2] Ошондо, 47-бет.

алардын кылык-жоруктарын макташып, акташып, бул үчүн чоң тартууларды алып турушкан. Ошентип, алар элди биргелешип алдашып, бири биринин палит иштерин жашырышкан.

Кыргыз элинин турмушунда болуп жаткан окуялардын күбөсү катары Токтогул элдин аң-сезимин алдамчы кыялдарга жана сокур ишенимге ээрчиткен молдо, эшендерге чечкиндүү каршы чыккан. Сараңдыкты эки жүздүүлүк менен айыптап, кедей турмушту үгүттөгөн, ошол эле учурда жердеги жыргалга эт-бети менен кеткен эшендерди жана диндин башка төбөлдөрүн айыптаган. Алар эл арасына бул дүйнөдө соопчулук менен жашап, ар кандай байлыктан баш тарткан адам гана тиги дүйнөнүн жыргалынан үмүт кыла алат, деген үгүттү таратышкан. Ошол эле учурда өзүлөрү материалдык байлыкка катуу умтулушкан. Бир топ чыгармаларында улуу акын ак эшендин "ыйыктыгын" төгүндөөчү аргументтерди келтирет. Ал чоң чеберчилик менен ак ниеттүү эмгектин асылдыгын түшүнгүсү келбеген ачкөз "ыйыктардын" образын түзгөн. Исламдын өкүлдөрүнө каардуу түрдө мындайча кайрылат:

Элден үмүт кылганча,
Кетмен чаап, кош айдап,
Шыпырсаң боло териңди,
Же жумушка жараппай,
Алганбы кесел белиңди,?
Оору десем, соодойсуң,
Соо дейин десем жабышып,
Сураганың койбойсуң.[1]

Ошентип, Токтогулдун социалдык-экономикалык көз караштары эл массасынын эзүүчүлөргө карата болгон нааразылыгын билдирип турат. Эл массасынын эркиндикти сүйүү жана антиклерикализмге байланышкан эң жакшы салттарын өнүктүрүп отуруп, демократ акын ошол кездеги кулак укпаган эрдик менен исламдын "маңдайга жазылган" деген окуусуна каршы чыккан. Анын пикиринче, бул жана алланын ак көңүлдүүлүгү, кубаттуулугу жөнүндөгү окуу логикага каршы, чындыкка каршы гана эмес, эмгекчи элдин азап чегүүсүнүн чыныгы себептери боюнча калп элестерди берет. Ошондуктан демократ -акынды XIX кылымдын аягы-XX кылымдын баш чениндеги Орто Азия жана Казакстандын алдыңкы ойчулдарынын катарына койсо болот. Ал, Ф. Энгельстин сөзү менен айтканда, XVIII кылымдагы Батыш

[1] Токтогул. II т.,- 55-бет.

материализмин даярдаган "шайыр эркиндикти сүйүүчүлөр" муунунун өкүлү болгон.[1]

Ошентип, демократ акын жана ойчул тарки дүйнө кылгандарды шылдыңдап, азаптануу адамдарды жакшылайт, деп ойлоо- бул баеолук деген жыйынтыкка келет жана ислам окуусун адилеттүү сынга алат. Бул сын ушу тапта да консерватизмдин, артта калгандыктын, кулчулуктун, наадандыктын ар кандай формаларына каршы күрөштө өз маанисин жогото элек.

XIX кылымдын аягы- XX кылымдын башында Орто Азия жана Казакстан мусулмандарынын арасында Мекке жана Мединага зыярат кылуу кеңири тараган болчу. Ушуга байланыштуу ажы наамын соодалашуу жанданып кеткен. 1910-жылы Фергана өрөөнүнүн өзүндө зыяратчылардын саны 5 миңге жеткен, Ош уездинен болсо 773 киши "ыйык жерлерге" сапар тартышкан. Кыскасы, жыл сайын ар бир жүз эр жеткен кишинин бирөө Меккеге барып турган.[2]

Шарият боюнча, ажыга барчу ар бир мусулман бардыкелди каражатты өзү көтөрүшү керек. Иш жүзүндө болсо Меккеден ажы болуп келгендер мунун баарын элден өндүрүшкөн. Мисалы, манап Шабдан Меккеден келгенден кийин, кол астындагы калктан 1,5 миң сом чогулткан.[3]

Ислам окуусуна каяша айтып, акын зыяратты жактырган эмес. Ал адамдардын күнөөсүн арылтпай, тескерисинче, ажы атка конуп кайткандар мурдагыдан беш бетер абийирсиз, уятсыз болушат да, элди алдоону, каректоону улантышат. Өзүнүн сатиралык чыгармаларынын биринде Токтогул "ыйык" ажылардын чүмбөтүн сыйырып, мындай дейт:

Кудайкөй кожо, байкачы,
Ушул кылган ишиңер
Силерге кандай эп болот?
Жалган сөзгө сатасың
Алдамчылар, жаныңды,
Элден эгин алам деп,
Алдыңарга салынып,
Келесиңер кабыңды.
"Элчи кожо" менмин деп,
Ыйлатасың байларды.[4]

---

[1] К. Маркс жана Ф. Энгельс. Соч. т.20, изд.2, -346-бет.
[2] Караңыз: "Звезда Востока" журн. 1953. №2.
[3] Чукубаев А. Токтогул.-Ф., 1958,-59-бет.
[4] Токтогул. II т.,- 50-53-бет.

Өз ырларында ал башкаруучу чөйрөлөрдүн жана алардын кызматчылары- мусулман динининн төбөлдөрүнүн кара ниет адеп-ахлагын, адамды жек көргөн кылык-жоруктарын ашкерелеген. Таптык коомдо эзүүчүлөр динди сактоо ниетинде жашашпаганын тарых далилдеп келатат. Тескерисинче, дин, анын ичинде ислам өзүнүн көп сандаган кызматкерлери менен эзүүчүлөрдү сактап калуу үчүн жашайт. Буга байланыштуу В. И. Лениндин төмөнкү пикири эске түшөт: "Кудай жөнүндөгү идея социалдык сезимдерди уктатып коет, тирүүнү өлүк менен алмаштырат, бул идея эч качан "жеке адамды коом менен байланыштырбаган, дайыма эзилгендерди эзүүчүлөрдүн кудай өкүлү деген ишеними менен байланыштырган".[1]

Кыргызстандын ошол кездеги шартында акын динди илимий негизде түшүнө албаганы жана аң-сезимдүү атеист болбогону түшүнүктүү. Ошого карабастан ал элди оор абалдан чыгаруунун жолун издеп, мусулманчылыктын тагдырга багынуу жөнүндөгү окуусун табалап мазактаган, анын ырайымсыздыгын жана логикага каршылыгын ашкерелеген. Акын динди молдо, эшен, калпа, ажылардын наадандыгынын мөмөсү деп эсептеген.

Элди кудайдын "адилеттүүлүгүнө" жана "адептүүлүгүнө" үйрөтүүгө аракеттенген мусулман дини Токтогулдун чыгармаларында адеп-ахлаксыздык жана ачкөздүк катары сүрөттөлгөн. Акындын бул багыттагы сыны чектелген мүнөздө болуп, диндин өзүнө эмес, негизинен дин өкүлдөрүнө багытталганын белгилеп кетүү керек. Буга карабастан ойчулдун дин тууралуу айткандары сөзсүз прогрессивдүү мүнөздө болгон.

Сабатсыз элди оор, үмүтсүз турмуш "чоң күнөө" үчүн жогор жактан түшкөн деп ишендирүүгө аракеттенген эзүүчүлөр жана дин кызматкерлеринен айырмаланып, Токтогул мунун баары букараны аябай мазактаган феодал төбөлдөрүнө байланыштуу деп эсептеген.

Феодалдык башкаруу катмарлары жана дин кызматкерлери үчүн акындын ырлары чабылган камчыдай болгон, ошондуктан эл арасында анын аброюнун өсүшүнө бүткүл күчүн үрөшкөн. Алар ырчыга Арзымат, Найманбай сыяктуу өз ырчыларын күшкүштөшкөн. Акыркылар Токтогулду ошол учурдагы бийлик катмары кемсинтүү катары колдонгон "томаяк" сөзү менен акаарат кылышкан. Улуу акын айтышта байдын эшик ырчысынын эки жүздүүлүгүн жана кошоматчылыгын ашкерелеген:

Тийиштик кылып өзүмө,

[1] В. И. Ленин. Соч., 35-т.-93-бет.

"Томаяк" деп сындадың.
Томаяк болсом, тилим бар,
Торгойдой сайрар үнүм бар...
Манаптан башка тилиң жок,
Кожодон башка пириң жок,
Сенин ырың ким угар.[1]

Албетте, Токтогул коомдук өнүгүүнүн мыйзамдарын түшүнгөн эмес, бирок ал бардык күчү менен эзилген элдин тагдырын жеңилдетүүгө аракет кылган. Токтогулдай адамдар аз болгон. Кыргыз эли массалык түрдө феодалдык идеологиянын туткунунда жашоону улантып келген. Алдыңкы ойчул катары Токтогул кыргыз элинин оор турмушуна дал эзүүчүлөр күнөөлүү экенин ачык аңдаган.

Токтогулдун көз карашынын өнүгүшүнө элдин коомдук теңсиздиги гана эмес, эмгекчи элдин дин өкүлдөрүнө карата калыптанып бүткөн мамилеси да түрткү болгону шексиз. Белгилүү болгондой, эл оозеки чыгармачылыгы курч сөздөр менен диндин кемчиликтеринин бетин ачат; молдо, кожолордун образдары көбүнчө тескери кейипкер катары берилген. Куду эл арасында молдолорго карата "Адам жаманы молдо", "Акырын баскан молдодон түңүл, ала чапан кожодон түңүл", "Эки молдо бир киши" сыяктуу курч сатиралык учкул сөздөр пайда болду.

Кыргыз элинин азаттыкты сүйүүсү жана антиклерикалык түшүнүктөрү акын жараткан терең эмоционалдуу образдардын жана темалардын түгөнгүс булагы болгон. Өз чыгармаларында ал ислам дининин төбөлдөрүн ачыктан-ачык, коркпой сындап, алардын ишинин реакциялык маңызын ашкерелеген. Бул мааниде Токтогулдун "Кедейкан" поэмасы кыргыз элинин турмушундагы көйгөйлүү маселени көтөргөндүгү менен белгилүү. Ар кандай дин сыяктуу эле ислам да элди кулдук, моюн сунуу, момундукка тарбиялоого умтулган. Ал эми поэманын каарманы Кедей бул идеяны төгүнгө чыгарат. Каарман исламдын эки жүздүү кызматкерлерин (Ак эшенди) оңой эле мазактап, эл көзүнчө алардын митайымдыгын, көз боемочулугунун бетин ачкан:

Жараткандын алдында
Жалганчы эшен экенсиң,
Жадигер дуба окуган
Алдамчы эшен экенсиң.[2]

Кедей эшендин кереметтүү күчтөр жөнүндөгү жомокторуна ишенбейт. Андан тышкары, исламдын

[1] Токтогул. II т.,- 15-бет.
[2] Токтогул. II т.,- 254-бет.

догмаларына урматсыздык мамиле анын көптөгөн кылык-жоруктарынан байкалат. Кедей эл тарап болуу менен бирге залим хандарга гана эмес, реакциялык динчилдерге да каршы турган. Дин өкүлдөрүнүн айткандарын жасабаганың үчүн сени коркунучтуу жаза күтүп турат, деген Ак эшендин дооматын ал коркпостон четке кагат. Чыгармадагы Кедей менен Ак эшендин диалогу нукура иррелигиоздук рухта куралган. Анан калса, поэмада доордун социалдык карама-каршылыктары, элдин турмушу туура жана терең көрсөтүлгөн, ачык-айкын тарыхый перспектива белгиленген.

"Кедейканда" эзилген элдин эзүүчүлөргө каршы күрөшү айрыкча курчуп, чыңалып тургандагы реалдуу турмуш сүрөттөлгөн. Поэмада эл массасынын аракетин, анын келечекке умтулушун баяндаган көптөгөн окуялар бар. Калайык калктын итке минген абалынын себебин башкы каарман желдет хандын бийлигинен көрөт:

Түшчү болсом колуна,
Тирүү койбос Залимкан.
Мен өндөнгөн эченди
Караңгы орго салдырган,
Жетелетип далайдын
Желдетке башын алдырган.
Кедейдин тыңын Залимкан
Кара дарга астырган.
Сөз кайрыган адамды
Дубалга тирүү бастырган.[1]

Андан ары:

Мындан кийин жоголсун
Азимканды мактамак.
Баары бирдей тең болсун

Бул пикирди сактамак,[2]- деп, өзүнүн идеалын билдирет. Кедейкандын тагдыры аркылуу Токтогул Сатылганов эзилгендердин адилеттүү жана бактылуу коомдук түзүлүш жөнүндөгү көп жылдык ой-тилегин сүрөттөгөн. Сүрөттөөнүн обьектисин тандоонун өзү демократ -акындын ой толгоосунун тереңдигин жана чечкиндүүлүгүн күбөлөп турат.

Акын ар бир инсандын турмушта өз максаты болушу керек деп жар салган. Анткени максатсыз ишмердүүлүксүз жашоо жок. Элге арналган активдүү чыгармачыл ишмердүүлүк

[1] Ошондо, -235-бет.
[2] Ошондо,- 276-бет.

гана адам өмүрүн толук баалуу кыла алат. Ошондуктан акындын ырларынын ар бир сабы элдин күйүтүн жана кубанычын, ой-кыялын жана аткарган иштерин билдирет. Анын ырлары элдин пикирин ойготуп, калайыкты бириктирүүгө, адилетсиздикке каршы күрөшкө чакырган. Ойчул акындын чыгармачыл мурасы- кыргыз элинин коомдук саясый жана рухий турмушундагы бүтүндөй бир доор. Токтогул Сатылганов- бул элибиздин рухий турпатынын эң сонун касиеттеринин уюткусу. Ошондуктан анын чыгармалары элдер арасында чоң кызыгууну туудурууда.

Пайдаланылган адабияттар:

1. Токтогул. Чыгармаларынын эки томдук жыйнагы.-Ф.: Кыргызстан, 1964.
2. Мурас.-Ф.: Кыргызстан, 1990.
3. Антология педагогической мысли Киргизской ССР.-М.: Педагогика, 1988.
4. Абрамзон С. М. Кыргыздар жана алардын этногенетикалык жана тарыхый- маданий байланыштары.-Б., 1990.
5. Чукубаев А. Токтогул.-Ф., 1958.
6. Айтманбетов Д. Школьное дело в Туркестане.-Ф., 1963.
7. Жамгырчинов Б. Присоединение Киргизии к России.-М., 1959.
8. Богданова М. Токтогул Сатылганов.-М., 1960.
9. Нарынбаев А. И., Калпетходжаева С. К. Мыслители Центральной Азии и их последователи.-Б., 1997.
10. Улуттук идеология жана кыргыз рухий дөөлөтүнүн кайра жаралышы.-Б., 1998.

Тоголок Молдо

XIX кылымдын аягы жана XX кылымдын башындагы кыргыз ойчулдарынын ичинен Тоголок Молдонун ысмы айрыкча орунду ээлейт.

Тоголок Молдо (Абдрахманов Байымбет) (1860 - 1942) Борбордук Тянь- Шандын Куртка айылында жарык дүйнөгө келген. Көчмөн малчылар, бардык калк, ошондой эле Абдрахмандын үй – бүлөсү феодалдык төбөлдөрдүн өз башымчылыгынан азап тартышкан. Он төрт жашка толгондо, Байымбет атасынан ажырайт. Беш иниси менен тоголок жетим болуп калды. Үй – бүлө жакырчылык жана муктаждыкка кириптер болду. Бардык эле эмгекчил эл сыяктуу болочок акын укуксуздукту, жокчулукту, манаптардын зордук – зомбулугун көрүп өстү. Ал эми феодалдык эзүү, оор салык, уруулар ортосундагы баш-аягы жок уруш -жаңжалдар болсо биринчи кезекте эл массасын бүлүндүргөн. Бийлик башында үстөмдүк кылуучу катмар-феодалдар турушкан. Феодал төбөлдөр жыргалчылыкта, бекерпоздукта, эл массасы болсо оор эмгекте күн көргөн. Ислам дининин өкүлдөрү феодалдык эзүүнү актоого далбас урушуп, эмгекчилерди эксплуататорлорго кыңк этпей баш ийүүгө үгүттөшкөн. Ошону менен алар калың калкты эзүүчүлөргө каршы күрөштөн алаксытышкан. Мунун баары Байымбеттин көз алдында өтүп турган. Келечек акын-агартуучуга мезгилиндеги атактуу комузчу, кыргыз эл уламыштарынын, эпосторунун мыкты аткаруучусу, жомокчу, чоң атасынын иниси Музооке зор таасир эткен. Музооке менен бирге Байымбет кыргыз, казактардын көптөгөн конуштарын кыдырып, эмгекчил элдин рухий байлыгы менен бетме-бет таанышты. Мындай кыдырууларда ал түрлүү түмөн ырчы, комузчу, жомокчуларга жолугушкан. Мунун баары дээринде бар өспүрүмдүн акындык шыгын ойготту жана анын чеберчилигин өркүндөттү.

Чоң атасынын колдоосу менен кыргыз тамсилинин келечектеги негиздөөчүсү мусулман мектебин бүтүрдү. Атактуу драматург Т. Абдумомунов туура ырастагандай, Байымбет Абдырахманов кичине эле тартип бузгандык үчүн окуучуларды катуу жазалоо сыяктуу ченден ашкан адилетсиздиктерди өз көзү менен көрүп, жон териси менен сезди. Молдолор бай балдарына эч качан кол көтөрүшкөн эмес. Тескерисинче, алардын тентектиги үчүн кедейлердин балдарын жазалашкан. Диний мектепте окуган бай балдарынын ата-энелеринен дамбылдалар ири көлөмдө пара алып турушкан. Мунун баарын Тоголок

Молдо өз көзү менен көргөн жана үлгүлүү, жөндөмдүү окуучу экендигине карабастан, байлардын көпкөлөң балдарынын кылык-жоруктары үчүн өзү бир нече жолу жазаланган. Ал молдолордун караңгы элди каратып туруп алдап, каректаганына күбө болгон.[1]

Кендирди кескен жокчулук болочок акынды киндик каны тамган Курткадан башка жерге кетүүгө мажбурлады. Ошентип, 1878-жылы ал Чүй өрөөнүнө көчүп келип, Токмок шаарынын жака белинде туруп калды. Токмок жаш жигиттин отурукташкан элдердин, анын ичинде орус элинин турмушу, маданияты жөнүндөгү түшүнүктөрүн бир топ өзгөрттү. Бирок биерде да ал өз алдынча орун -очок кура албады: бир туруп кыргыз байына, анан дунган кожоюнга, соң орус кулагына жалданып, малайлыктын күнүн көрдү. Мунун баары Байымбеттин турмушунда жана дүйнө карамында көп өзгөрүүлөрдү пайда кылды. Өзүнүн "аң-сезимдүү ишмердүүлүгүнүн" башталышы катары Токмокко көчүп келген жылын келечек акын кокустан айтпаган чыгар.[2]

Орус кулагынын колунда иштеп жүрүп, Тоголок Молдо орусча сүйлөп, жазганды үйрөнүүгө аракеттенген.[3] Ал мүмкүн болушунча көптү билүүнү көксөгөн. Натыйжада ал казак, өзбек жана татар тилдериндеги жазма адабият, алар аркылуу орустун классикалык адабияты менен тааныша алды.

В. Виноградов туура көрсөткөндөй, "орус маданияты кыргыздарга орустун демократиялык салттарынын таасиринде калыптанышкан казак агартуучулары Чокон Валиханов, Абай Кунанбаев, Ибрай Алтынсарин аркылуу тараган. Абай орус акындарынын ырларын өз тилине которгон, алар, шек жок, элге, Казакстандан тышкары да кеңири тараган... Абайдын ырларын колдон колго көчүрүшкөн, аңгемелери ээн талааларга таркаган. Алтынсарындын педагогикалык ишмердүүлүгү, Ушинский жана Толстойдун идеяларына сугарылган. Анын "Кыргыз хрестоматиясы", Кыргызстанга да тараганына шек келтирүүгө болбойт".[4] Албетте, орус, казак, өзбек, татар демократ -ойчулдарынын алдыңкы идеялары менен таанышуу Тоголок Молдонун дүйнө таанымын кеңитти. Кийинчерээк Чүй өрөөнүндө мугалим болуп иштегени- анын билиминин өнүккөнүнө далил.[5]

---

[1] Абдумомунов Т. Великий акын. "Советская Киргизия" газета., 1960, 12-июнь.
[2] Аманалиев Б. Социально-политические и философские идеи Токтогула и Тоголока Молдо.-Фрунзе, 1963.-30-бет.
[3] Ошондо.
[4] Виноградов В. Токтогул Сатылганов и киргизские акыны. Гос.муз. Изд.М.-Л., 1952,- 31-бет.
[5] Аманалиев Б. Көрсөтүлгөн эмгек,- 30-бет.

1887-жылы Тоголок Молдо калыптанган акын катары Курткага кайтып келди. Өз ырларында болочок классик акын бай, манап ж.б. эзүүчүлөрдүн коркпой, алардын терс жоруктарын обьективдүү түрдө айта баштайт. Айта кетчү жагдай, жергиликтүү манаптар Байымбетти эшик ырчы болууга үгүттөшкөн. Бирок ал мунун баарын четке кагып, өз талантын карапайым эмгекчил элге кызмат кылууга арнады. Ошол себептен бай-манаптар ырчыны куугунтукка ала башташты.

Тоголок Молдонун өмүрүндөгү маанилүү окуя анын 1898-жылы Кетмен-Төбөдө улуу акын Токтогул менен жолугушуусу болду. Бул учурашуу Тоголок Молдонун акындык чеберчилигинин жана дүйнө карамынын калыптанышынын оожалышына чоң таасир этти. Акындын ырлары арман, азапка толуп, каардуу жана кубаттуу жаңыра баштады; аларда жаңыча ой-пикирлер пайда болду.

Токтогул жаш ырчынын чыгармачылыгында бийик жана жаркын сезимдердин, эмгекчилерге карата сүйүүсүн мурдагыдан да жогорку деңгээлде ойготуп, бекемдеди, Байымбет болсо бул жакшы сапаттарды өмүрү бою сактап калды. Бул тууралуу Тоголок Молдо төмөнкүчө эскерген: "Үч ай катары менен Токтогулду жандап жүрдүм, ал мени акындык чеберчиликке, ыр жазуунун ыкмаларына үйрөттү".[1] Токтогул, албетте, Тоголок Молдону "акындык чеберчиликке" үйрөтүү менен гана чектелбей, анын дүйнөгө көз карашынын кеңейишине да түрткү берген.[2]

1905-1907-жылдары биринчи орус революциясынын таасири менен эмгекчилердин боштондукка чыгуу идеясы, өздүк аң-сезими өсө баштайт. Мындай эпкиндин таасири астында акындын демократиялык ой чабыттары да тереңдеп, тамырлайт. Буга анын "Тезек-тагай –эли тууралуу" (1905-ж.), "Кабыргама таш батты" (1907-ж.), "Селде оронгон молдо кой" (1909-ж.), "Төөнүн арманы" (1915-ж.) деген ырлары далил болот. Мисалы, "Тезек-тагай эл тууралуу" ырында мындай саптар кезигет:

Ой, тезегим, тезегим,
Келээр бир күн кезегиң.
Баяналуу күн тууса,
Балдарың табар эсебин.[3]

Дал ушул чыгармаларында Байымбет коомдук турмуштун көп тарабын түшүнүүдө бышып жетилгенин көрсөтө алды.

---

[1] Тоголок Молдо.Избранное.-Москва,-1958,-15-бет.
[2] Аманалиев Б. Көрсөтүлгөн эмгек,- 32-бет.
[3] Мурас.-Ф.: Кыргызстан, 1990.-352-бет.

Тоголок Молдо адамдын акыл-эсин жогору баалаган жана муктаждыктан мүңкүрөгөн эмгекчинин талабын талашкан. Ал бирөөлөрдүн бешене теринин эсебинин жашап, элди эзген жатып ичерлерге өзүнүн жек көрүү сезимин ашкере билдирген.

Динге карата акын эркин ой жүгүртүү мамилесинде болгон. Кудайды түздөн түз танбаса да, анын философиялык концепцияларынан ушуга окшош тенденция байкалып турат.

Башка диндер сыяктуу, исламдын да негизги жоболорунун бири- фаталисттик окуу. Ал кишинин тагдыры алдын ала анын маңдайына жазылган, ошондуктан кыңк этпей, тагдырга тан берип, эзген эзип, эзилген-эзилип жүргөн абзел деген эреже.

Акын диндин бул схоласттик догмасына каршы чыгууга батынды. Өз чыгармаларында ал жаратылыш, коомдун кубулуштарынын табияттан сырткары күчтөрдүн жардамы менен келип чыкканын төгүнгө чыгарган, "тиги дүйнө" жөнүндөгү ойдон чыккан пикирди четке каккан.

Эл оозеки чыгармачылыгынын үлгүсүндө жазылган "Жанбакты", "Кемчонтой", "Телибай тентек" сыяктуу чыгармаларында тамсилчи тагдырга, маңдайга жазылганга ишенүүгө чечкиндүү түрдө каршы чыгат. Аталган чыгармаларында акын өзүмчүл, ак кол, жалкоо болуп тарбияланган бай балдары Жанбакты, Телибай, казынын баласы Кемчонтойдун катардагы эмгекчилердин балдарына караганда акыл жагынан мүчүлүштүгүн көрсөтүп, фаталисттик позицияга өзүнүн тескери мамилесин көрсөткөн. Тоголок Молдонун чыгармачылыгынын фольклор менен ажырагыс байланышы, демократиялык жана прогрессивдүү ой толгоолору анын элдүүлүгүн күчөттү. Элдин поэтикалык формада жазылган кошоктору- революцияга чейинки кыргыз турмушунун обьективдүү көрүнүшү. Аларда элдин эң сонун арман, ой-пикирин, үмүтүн билдирген эзилген эмгекчинин акыйкат образы жаратылган. Буларга мисал катары "Дыйкандын аялынын кошогу", "Устанын аялынын кошогу", "Мергендин аялынын кошогу" ж.б. келтирсек болот. Поэзиянын сөз болуп жаткан жанрында ойчул акын XIX кылымдын аягы-XX кылымдын баш чениндеги кыргыздардын социалдык мамилелеринин обьективдүү көрүнүшүн сүрөттөп, эзүүчүлөрдү жек көргөнүн, эзүүчүлөргө жылуу мамилесин айкын-ачык билдирген.

Аялдарды азаттыкка чыгаруу жана билимдүү кылуу маселеси Тоголок Молдонун чыгармачылыгындагы негизги темалардын бири болгон. Бул түшүнүктүү, анткени феодалдык эзүүдө кыргыз аялдарынын абалы оор, кемсинтилген,

басынтылган эле. Борбор Азиянын элдеринин аялдарына салыштырмалуу кыргыз кыз-келиндери кыйла эркин болушса да баары бир аларга да шарият өз талабын койгон.

Бул жагдайда тарыхый фактыларды келтирели. Бай жана манаптар аялдарды бири-бирине буюм катары тартуулашып, ат чабышта байгеге сайышкан. Ал эми 1854-жылы сарбагыш манабы Ормон өлтүрүлгөндө, бугу уруусунан ат жабдыгы менен 100 кыз кун талап кылышкан.[1] Ч. Валиханов мындай мисал келтирген: "Сарбагыш уруусунун башчысы Ормондун уулу Үмөталы өзүнүн кандайдыр бир буйругун эки жолу кайталатканы үчүн кичи аялын атып салган".[2] Дөөлөттүүлөрдүн аялзатка карата ырайымсыздыгын айрыкча көрсөткөн дагы бир факты. XIX кылымда Ысык –Көл өрөөнүндө жашаган манап Батыркандын 40 аялы болгон. Алардын бирин- он жети жаштагы Зууранын качканга аракеттенгени үчүн эки бутун эки төөгө байлап, экиге бөлүп салган.[3]

Кыргыз элинин тарыхынан маалым болгондой, кыргыз кыздары жаштайынан эле соода-сатык предметине айланган. Ч. Валиханов адилеттүү көрсөткөндөй, кыргыздарда "... кыздарын көбүнчө алардын макулдугусуз эле өтө жаш кезинде күйөөгө узатуу салты болгон. Кээде кудалашуу балдар бешикте жатканда башталган".[4]

Кыргыз кыздары бейкам балалык дегенди билишпеген. Ал тургай алардын жарык дүйнөгө келиши да үй-бүлөнү кубандырган эмес, себеби кыз бала мында убактылуу мүчө эсептелген, ата-эне болсо аны тезирээк күйөөгө берүүнүн көйгөйүндө болгон.

Айта кетчү нерсе- шарият боюнча кудалашуу кыздын ар кайсы курагында- бешиктеги кезинде ("бешик куда"), ал эмес туула электе ("бел куда")- жүрө берген. Айрым учурда кошуналар же достор бирөө уулдуу, экинчиси кыздуу болсо, экөөн унаштырып (кудалашып) коюу тууралуу макулдашкан учурлар да бар.

Ошентип, кыз өзүнө күйөө тандоо укугунан ажыраган. Кыргыздардын адаты боюнча күйөө менен колуктунун жаш айырмасы жети жаштан кем болбоосу керек. Кээде 9 жаштагы күйөөнү, 7 жаштагы келинди никелешкендигин кийин учуратса болор эле. Албетте бул боло турган нике кандайдыр бир

[1] Жамгырчинов Б. Присоединение Киргизии к России.-М., 1959,- 76-бет.
[2] Валиханов Ч. Избра. Произведения. Спб. 1904.-256-бет.
[3] Татыбекова Ж.С Раскрепощение женщин-киргизки Великой Октябрской социалистической революцией. Изд. АН Кирг. ССР.- Ф., 1963, -19-б.
[4] Валиханов Ч. Көрсөтүлгөн эмгек.-60-бет.

кокустуктан бузулуп кетпесин деген баланын ата-энесинин чочулоосунан келип чыккан чечим болгон.[1]

Айрым учурда кыргыз кыздарынын тагдыры адам чыдагыс кайгылуу болгон. Шарияттын жол-жобосуна таянышып, калыңдын күчү менен бойго жеткен кызды же жаш бала же, тескерисинче, карыган киши менен никелешкен. Бул аксакалдар болсо, сөзсүз, феодалдык катмардын өкүлдөрү болгон.

Никелешүүдө укуксуз абалдагы аял ажырашуу жараянында да ошондой болгон: мындай учурда чечүүчү сөз эркекке тиешелүү эле, б. а., ал "талак!" деп койсо эле, нике бузулган.

Мындан тышкары аялды өлтүрүп же майып кылгандык үчүн кун да жарым өлчөмдө төлөнгөн. Буга байланыштуу Г. Загряжский төмөнкүчө жазат: "Аялдын куну эркекке төлөнчү кундун жартысын түзөт ".

Жогоруда айтылгандай, революцияга чейинки кыргыз аялдары социалдык- экономикалык жана маданий турмушта эч кандай укукка ээ болушкан эмес. Прогесивдүү, демократиялык маанайдагы ойчул катары Тоголок Молдо аталган маанилүү жана кабырганы кайыштырган маселени буйтап кете алган эместиги табигый иш эле. Өзүнүн "Чалга кеткен кыздын арманы", "Карызга кеткен кыздын арманы", "Кыз Кенженин арманы", "Качкан кыз" аттуу ыр жана поэмаларында акын кыргыз аялдарын азаттык үчүн бел байлап чыккан жоокердей элестетет. "Жаш кеткен кыздын арманы" аттуу ырында мындай саптар бар;

Жергеден башым кемиткен,
Карабай атам оңчубу.
Жети жашар жаш бала
Жетиле күйөө болчубу?
Өз атам мага кылды кас
Өзгөчө мага боору таш.[2]

Ал эми "Чалга кеткен кыздын арманында" алтымыштагы аксак, бүкүрү, бирок бай абышкага зордоп баш коштурган кыздын арманы нааразылык билдирүү деңгээлине көтөрүлгөн:

Бузулсун соккон дубалың,
Болбосун асый, кунаның,
Боздотуп чалга жөнөткөн
Атама тийсин убалым.
Алты байса дубалың,

[1] Валиханов Ч. Көрсөтүлгөн эмгек.-60-бет.
[2] Мурас...-359-бет.

Ат болбосун кунаның.
Ак сакал чалга кыз берген,
Атама жетсин убалым.
Баласын сатып мал алып,
Атамдын күнү мал менен.
Канткенде өсөт көңүлүм
Какайган как баш чал менен.[1]

"Карызга кеткен кыздын арманы" деген ырында соодагер, болуш, айыл башчыларынын кылык-жоруктарын кескин айыптап, акын төмөнкү ойлорун ортого салат:

Атбашынын сазында,
Чоко болуш башында,
Кара сакал соодагер
Болуштун келди кашына.
Насыятчы карт келди
Кенжеке, мага дарткелди.
****
Болушу минди боз атты,
Кенжекени кейитип,
Ташкенди көздөй узатты.
Атагы чыккан Ташкендин
Жолунда кетип баратам.
Адырайган бир карттын
Колунда кетип баратам.
Жети шаар Ташкендин
Жолунда кетип баратам.
Жепирейген бир карттын
Колунда кетип баратам.[2]

Тоголок Молдонун талданган чыгармаларында кыргыз аялдарынын ачуу тагдыры да, каргыш тийген феодалдык заманга карата жек көрүү сезими да чагылдырылган. Аялды эрге кыңк этпей баш ийүүгө кириптер кылган айрым антигумандуу каада-салттар, аялдын ар-намысын тебелөө, аны укуксуз кулдун абалына түшүрүү улуу акындын аң-сезимине таптакыр жат болгонун баса көрсөтүү абзел. Ошол себептүү кыргыз адабиятынын тарыхында дал Тоголок Молдо биринчи болуп калыңга, диний никеге жана шарияттын мыйзамдарына каршы чыккан аялдын образын жаратты.

[1] Мурас..-358-бет.
[2] Мурас..-358-бет.

Кыргыз аялдарынын эркиндик жана бакыт үчүн күрөшү акындын "Качкын кыз" поэмасында чагылдырылган. Чыгарманын кыскача мазмуну төмөнкүчө. 1913-жылы Ыссыккөлдүн Күнгөйүнүн букарасы Каптагай өз кызын өмүрүндө көрбөгөн кишиге калыңга сатат. Тайманбас кыз, эркекче кийинип алып, үйдөн биротоло кетет. Поэмада жөнөкөй кыздын акыл-эси, тапкычтыгы жана эр жүрөктүүлүгү айрыкча баса көрсөтүлөт. Ал шарияттын салт жана мыйзамдарына каршы чечкиндүү каршы чыгат, б.а., аялзаттын адамдын укугун чектөөгө нааразы болот. Тоголок Молдо аялдардын тең укуктуулугу үчүн шымаланып чыккан күрөшчү катары белгилүү. Аялдын кулдук абалы түбөлүктүү деп үгүттөгөн, аны ар жагынан басынтууга аракет кылган ислам мыйзамдарына, мусулман динининин өкүлдөрүнүн аракетине карабай акын бул иш-аракеттерге каршы чечкиндүү күрөшүү зарыл, деп эсептеген. Ал жашоону сүйгөн жана жердеги турмуштун кубанычтары бардык адамдарга ачык болуусун каалаган инсан болгон. Акын өз жеринде эртеби-кечпи жакшы турмуш салтанат курушуна ишенген жана чыгармаларында бул идеяларды чагылдырууга аракеттенген. Элдик эркин ой жүгүртүү акындын көңүлүн айрыкча өзүнө бурган, эмгекчил калкка пайдалуу болуу үчүн ал бардык жерде өз сөзүн айтууга аракет кылган. Мисалы, өз элинин эр жүрөктүүлүгүнүн, баатырдыгынын символу болгон, эркиндикти сүйгөн кыз, "Жаңыл" поэмасынын башкы каарманы Жаңылды алып көрөлү. Поэманын каарманы кулчулукту, өз коомунун аялдарды кемсинтүүчү айрым каадаларын моюнга алгысы келбейт. Тагдырга кул сыяктуу баш ийүү ал үчүн жат көрүнүш, ал үчүн эркиндикке умтулуудан бийик максат жок. Ошондуктан Жаңыл колуна курал алып, аялдын адамдык кадыр-баркын басмырлоого, аялдын ролун төмөндөтүүгө түрткү болгон ырым-жырымдарга, чет өлкөлүк баскынчыларга каршы, эркиндик үчүн күрөшкө аттанат. Баатыр кыз элди күрөшкө, рухий жана саясий бөштондукка чыгууга чакырат. Бирок ал өзүнүн тилеги болгон эркиндикке жетише албады. Бул аракетке ошо кездеги коомдук түзүлүш бөгөт болду.

Белгилүү болгондой, эзүүнүн социалдык-саясий негизин, б.а., эзүүчүлүк коомду жоюу менен гана чыныгы эркиндикке жетишүүгө болот. Өзүнүн дүйнө таанымынын тарыхый жана таптык жактан чектелгенине байланыштуу Тоголок Молдо мындай жыйынтыкты чыгара алган эмес. Ага карабастан Жаңылдын образында ойчул акын азап чеккен жана феодалдык коомдун мыйзамдарынын курмандыгын гана эмес ошол

мыйзамдарга келишпес жана коркпос күрөшчүнү көрсөткөн. Өз элинин бактысы үчүн поэманын каарманы ар кандай курмандыкка жөндөмдүү. Дал Жаңылдын образы аркылуу Тоголок Молдо феодалдык- патриархалдык тордон кутулууга аракеттенген, эркиндикти сүйгөн кыргыз кыздарынын образын жаратты.

Прогрессивдүү, чыгармачыл ойчул катары айтылган Тоголок Молдонун социалдык- экономикалык көз караштарын талдап жатып, анын социалдык-философиялык ой толгоолорунун ошол кездеги социалдык карама-каршылыктар тарабынан тереңдетилгенин унутпоо керек.

Адам өмүрүнүн кыскалыгына кайгырса да, акын бул кубулуштан эч кандай мистико-эсхатологиялык жыйынтык чыгарбайт. Өлбөстүктү каалоодон пайда жок, өлүмгө умтулуунун да кереги жок, бирок андан чочулоонун да кажети жок, деп ырастаган Тоголок Молдо. Анын адилеттүү пикиринче, "Өмүрүң өтөр-кетер желдей согуп, өткөн соң сураган менен таба албайсың";[1] "Өлгөн киши бар болбойт";[2] "Өмүр аяктаган соң, өлүмдөн коркуп не пайда".[3]

Ошентип, ойчул акын исламдын өкүлдөрү күндүр-түндүр кулактын кужурун алып, үгүттөгөн тиги дүйнөдөгү сурак, өлүм коркунучунан элди куткаруу максатында бир катар обьективдүү, тайманбас ойлорду айткан алдыңкы ойчул экендигин көрсөттү.

"Кожонун аңгемеси" аттуу сатиралык ырында Тоголок Молдо, ислам дининин кызматчыларынын калпычылыгын, ачкөздүгүн ашкерелөө максатында кожонун "акырет деп алдаган алдоосуна кирбеген" жупуну, бирок акылдуу жигит тууралуу суктануу менен жазат.

Ушул эле чыгармасында акын жыл сайын кыргыз айылдарына келчү кожо жөнүндө баяндайт. Элди чогултуп алып, ал: "Кудайдын ыраазычылыгын алып, бейишке түшүүнү каалагандар кубаттуу Алладан эч нерсени аябашы керек",- деп айтат. Ошону менен бирге кожо аталган маселе боюнча эч качан аял менен кеңешпөө керек, аларды угуунун кажети жок деп эркектерди эскертет.

Эмгегиң зая кетпесин,
Зекет бергин малыңдан.
Катындын тилин албаңар,
Капилетке калбаңар.

---

[1] Кол жазмалар фонду. Инв. № 1268,-449-бет.
[2] Тоголок Молдо. Чыгармалар.-Ф., 1954,-80-бет.
[3] Кол жазмалар фонду. Инв. № 1268,-71-бет. (ошондой эле 254-бет).

Айнытат катын адамды,
Көрөсүң мындан залалды.
Катын деген тук билбейт
Алал менен арамды.[1]

"Катынынын сөзүн укkан эркек сөзсүз кудайдын каарына калат",- деп үгүттөйт Кожо элди. Сабатсыз калк анын бул жалганына ишенет. Бирок үгүт кызуу жүрүп жаткан учурда бир акылдуу жаш жигит кожого шылдың менен кайрылат: "Сизге, Алланын элчисине, биз толук ишенебиз. Бирок менин үйүмдө мындай чыр чыкты: мен сизге кой берем десем, катыным урматтуу кожого тай беребиз,- деп мага макул болбой жатат. Катындын тилин албасам, сизге кой, аны уксам, тай беришим керек. Эми мага кеңеш бериңиз: аялымдын сөзүнө кирейинби же жокпу?". Семиз кулунду укканда, ачкөз кожо азыр эле өзү айткан акылды да, шарияттык жол-жосунун да, кудайдын амирин да унутуп, мындай жооп узатты: "Аз-аз катын сөзүнө кире жүргүн".[2]

Ойчул акындын бул чыгармасы өзүнүн мазмуну боюнча да, ислам идеологиясына каршы чыгышы менен да, шексиз, чоң кызыгуу туудурат. Биерде Тоголок Молдо эмгекчил элдин эркин ойлоо дүйнө карамына таянганы байкалып турат.

Жупуну калктын кызыкчылыгын коргоп, акын кыргыз элдик поэзиясынын назик билерманы катары анын байлыгын кыргыз коомундагы кемчиликтерге каршы күрөшүүдө чеберчилик менен колдонгон.

Пайдаланылган адабияттар:

1. Тоголок Молдо. Чыгармалар.-Ф., 1954.
2. Мурас.-Фрунзе: Кыргызстан. 1990.
3. Кыргызстандын тарыхы. 1 т.,-Ф.
4. Виноградов В. Токтогул Сатылганов и киргизские акыны.-М.-Л.: Гос.муз.изд.- 1952.
5. Койчуманов Д. Идеи воспитания в творчестве Тоголока Молдо.-Ф., 1964.
6. Нарынбаев А. И., Калпетходжаева С. К. Мыслители Центральной Азии и их последователи.-Б., 1997.
7. Улуттук идеология жана кыргыз рухий дөөлөтүнүн кайра жаралышы.-Б., 1998.

[1] Мурас...-348-бет.
[2] Ошондо,- 349-бет.

8. Татыбекова Ж.С. Раскрепощение жен Кирг. ВОС революции. Изд. АН. 1963.
9. История Кирг. Т.1.-481-бет.
10. Аманалиев Б. Социально-политические и философские идеи Токтогула и Тоголока Молдо.-Фрунзе, 1963.
11. Валиханов Ч. Изб.произ. СПБ 1904.

Өтө Көкө уулу
(Жеңижок)

Ар бир улуу инсан жарык дүйнөгө келгенден баштап, башкалардан кандайдыр бир өзгөчөлүгү менен айырмаланып, элине тааныла башташы жөнүндө көп далилдүү сөздөр бар. Дал ошондой улуу инсандын бири Өтө Көкө уулу (1860-1918) Таластагы Сары көбөн деген жерде өз эмгеги менен тиричилигин өткөргөн карапайым кишинин үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Ал жаштайынан эле аракетчил, сезимтал, эмгектене билген сергек бала болуп чоңойгон. Ата-энеси Өтөнүн күндөн-күнгө бой тиреп жетилишин зор сыймык, ишеним менен күзөткөн. Бирок бул көрүнүш көпкө узабады. Үч бир тууган алгач атасынан, көпкө узабай апасынан ажырашып, атасынын көп балалуу бир туугандарынын тарбиясында калышкан. Ошол учурдагы кыргыз элинин турмушунда орун алган оор кырдаал, жетимдердин жашоосун ого бетер татаалдаштырды. Балдардын улуусу Өтө ала оорусуна кабылды. Анын денесин каптаган ала илдет башкаларды да кооптондура баштады. Оорулуу баланын башка балдар менен ойноп жүргөнүн көргөн Ташкара-бий баланы Карабура дарыясына таштап жиберүүнү буюрган деген сөз эл арасында айтылып жүрөт.

Өтө туулган мезгил кыргыз жеринде Кокон хандыгынын зордук-зомбулугу өкүм сүрүп, орус империясынын колониялык иш аракеттеринин улам тереңдеп кирип келе жаткан учуруна туура келет. Элибиздин турмуш-тиричилиги, жашоо шарты орто кылымдардагы артта калган элдердин катарында болгондугун тарых күбөлөндүрөт. Өзүнүн туулуп өскөн жеринде жашоо мүмкүнчүлүгүнөн ажыраган Өтө, ага боорукерлик мамиле жасаган адамдардын жардамы менен Анжиян тараптан барган соодагерлердин малдарын айдашып, 2-3 күн жол жүрүп, Кербенге жетип келет. Соодагерлер эс алуучу жайга Өтөнү таштап, Наманганды көздөй малдарын айдашып жүрүп кетишет. Өтө жаткан орунда кала берет. Бул көрүнүш анын турмушундагы ата-энесинен, туулуп өскөн жеринен ажырагандан кийинки өкүнүчтүү жагдай эле. Бөтөн жерде, бөтөн элде, өзүнө тааныш бир да жан жок жерде селдейип туруп калат. Соодагерлер калтырып кеткен жаш баладан сурамжылап, анын ал жайын түшүнгөн соң, үй ээси аны өзүнө жардамчы кылып, короону тазалашууга пайдаланат. Ал биринчи эле күнү үйдүн ээсинин көңүлүнө толуп, эмгектенип жүрүп калат. Бекмураттын үйүнө келген

Аксынын Карасуу кыштагынын тургуну Садыр деген жолдошу Өтөнү көрүп, анын кимдигин кызыксынып сурамжылап, ата-энеси жок, Талас жактан келгендигин билген соң, жолдошунан баланы ага берүүсүн өтүнөт. Жолдошунун макулдугун алып, өзүнүн базарлык жумушу бүткөн соң, атына учкаштырып Карасуу кыштагын көздөй жөнөйт. Садырдын апасы Айыке Аксыга турмушка чыккан таластык кыз экен. Ал Өтөнүн денесиндеги ооруну көрүп, Аксы аймагындагы белгилүү дарыгер Далычы деп аталган табыпка көрсөтүп, ала оорусунан толук арылтат. Жергиликтүү молдолордон кат таанышып, медресенин деңгээлинде билим алууга шарт түзөт.

Өтө окуганды, жазганды жакшы өздөштүрүп, араб графикасында жазылган чыгармалар менен таанышат. Табият тартуулаган залкар талант анын тулку боюнда толукшуп, оргуп чыга баштайт. Анын кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгына болгон кызыгуусу күн санап өсө баштады. Кыргыз конуштарын аралап, чыгармачылык өнөрү бар ырчылардын, акындардын, манасчылардын айылына келип калышын чыдамсыздык менен күтчү болду. Алар аткарган чыгармаларды, эсте сактап дээрлик толук мазмунда кайталап аткаруу көнүмүш адатка айланды. Ал эл аралап айтып жүргөн дастанчылардан «Кожожаш», «Курманбек», «Жаңыл Мырза», манасчылардан «Манас эпосунун бир топ үзүндүлөрүн өздөштүрүү менен, аны айткан талант ээлерине караганда алардан ашыра, терең мазмундуу түр берип аткара баштайт. Ошентип, Өтөнүн акындык таланты, аткаруучулук шыгы ылдам өрчүп, 12-14 жашка келгенде өзү жашаган аймакта белгилүү ырчы, акын катары таанылып калды. Өтө өзү эл арасында таанылуу менен Таласта атасынын туугандарынын колунда калган инисин жана карындашын унутпады. Алардын тагдыры жөнүндө күнү-түнү ойлонду. Өтөнүн бул оюн колдогон асырап алган ата-энеси аларды Аксыга алып келип, бир үйдө түтүн булатууга көмөк көрсөтүштү. Өтөнүн өз туугандары менен бирге жашап калуусу менен, анын акындык таланты ого бетер күчөдү, өстү, өөрчүдү. Акындык салт боюнча жолугушуусу анын алгачкы Наманган, Аксы, Анжиян аймагында тогоной уруусунан чыккан белгилүү акын Нурмолдо менен учурашуусунан башталат.

Жеңижок -жаратылышты өтө сүйгөн инсан. Адам жаратылышты талап-тоноп, ысырап кылып булгоо үчүн гана аракеттенбестен, табигаттын адамга деген белегин этияттык менен сактап, анын баркын билип коргой да, сүйө да билүүсү керек. Мына ушул жалпы адамдык алдыңкы ой-пикирди Жеңижок «Аккан суу» аттуу чыгармасында ачык-айкын

чагылдырган. Бул чыгармада акындын жаратылышка, адам менен табияттын эриш-аркактыгына берген баасы, философиялык көз карашы да камтылган. Ал суунун жаратылыштагы алган ордун, адам турмушундагы маанисин көркөм формада таасирдүү чечмелеп көрсөтө алган.

Жеңижок турмуш тиричиликке, дүйнөгө жана ааламга өз түшүнүгүнүн жетишинче ой жүгүртүү менен төкмөлүк чеберчиликте терең мазмундуу ырларды жаратты. Ал, адам баласынын турмуштагы орду, тиричилиги, жашоо шарты, өз ара мамилеси, коом менен байланышы, жүрүш-туруш этикасы маселелерине өзгөчө маани берген.

Акындын «Санат», «Накыл кеп», «Үлгү ырлар», «Жакшы уул», «Жаман уул», «Жаман катын», «Айтсам сөздүн жөнжөнүн», «Акын болсоң», «Терме», «Дүнүйө», «Үй-бүлө», «Насыят», «Айтамын санат тобуңа» аттуу чыгармалары дидактикалык негизде түзүлгөн санат ыр саптарына кошулат. Анын кайсы гана санат-насыят ырларын албайлы тарбиялык таасири өтө күчтүү болуп, турмуш чындыгынын элесин образдуу сүрөттөгөн. Ырларынын ар бир сабы акыл, нуска сөздөрдү туюнтуп турат:

Сөз кадырын биле албайт,
Өзүнөн акыл чыкпаган.
Жан кадырын биле албайт,
Айтса акылды укпаган.

Тишиң барда таш чайна,
Ар шити кылгын күч барда.
Сага бекер оокат, аш кайда?
Жалкоолук түбү кууратат
Эмгектенсең, зор пайда.

Акындын ушул ыр саптарын окуган ар бир инсан анын гумандуу бийик принциптерине, философиялык ой чабыттарына түшүнө алат деген пикирдебиз.

Жеңижок өз чыгармачылыгында коомдук турмуштагы жакшы менен жамандыктын ортосундагы кагылыштарды салыштырмалуу сын көз менен карап, жакшылыктын келечектүүлүгүн эңсеп ар дайым анын тарабында турган. Ошондуктан өз замандаштарын жамандыктардын ар кандай көрүнүштөрүнө чечкиндүүлүк менен каршы тура билүүгө, күрөшө жана жеңе билүүгө чакырган. Маселен, «Замана» аттуу чыгармасында:

Адамзаттар көп түйшүк,

Тартып барат замана.
Бий, болуштар, ыстарчын
Күчтөп барат замана.
Жакшы менен жаманды
Сынап барат замана
Жылдан жылга бузулуп
Сууп барат замана
Ачылбаган караңгы
Түндөй болдуң замана.
Замана наамдан караңгы
Баалай албайт адамды,-деген саптар бар.

Акын бул чыгармасында коомдук турмуштагы терс көрүнүштөрдүн башкы себептерин билүүгө, талдоого жана ашкерелөөгө аракеттенген. Жеңижоктун түшүнүгүндө, адам өзүнүн табияты боюнча өтө айкөл, аны коомдук турмуштагы ар кандай терс көрүнүштөр жолдон чыгарат, аны калыбына келтирүүнүн мүмкүнчүлүгү бар. Ал өз чыгармаларында эмгектенүүнү, анын натыйжаларын турмуш-тиричиликте туура пайдаланууну бирден-бир милдет катары эсептеген. Адам өз эмгеги менен эл алдында жогорку бийиктикке көтөрүлүп, өзү жөнүндө түбөлүктүү из калтырарын айткан. Жеңижок адам проблемасын кароо менен, анын кулк -мүнөзүнө, моралдык деңгээлине, жалпы адамдык сапатына айрыкча көңүл бурган. Биринчи катарда ар бир адамдын жекече жоопкерчилигин, милдетин, коомчулук алдындагы адептүүлүгүн күндөлүк жашоонун шарты катары караган. Анын ар бир чыгармасынын борборунда адам, анын кулк мүнөзү толук чагылдырылып, жакшы жактары даңазаланып, жаман жактары ашкереленет. Акын ар бир адамдын өз элинин жыргалчылыгы, кызыкчылыгы үчүн ак ниети менен аракеттенишин каалаган, ал үчүн адилеттүү чынчыл болуу зарыл деп эсептеген. Акын чыгармаларында адилеттүүлүк, чындык үчүн күрөшүү моралдык баалуулуктарды калыптандырууну жана бекемдөөнү, адамдык өз ара мамилелердин түзүлүшүнүн башкы шарты жана нормасы катары караган. Жеңижок улуу муундар менен жеткинчектердин өз ара байланыштарын да унутта калтырган эмес. Өзүнүн «Үй-бүлө» аттуу чыгармасында улуу муундар менен жаш муундардын ортосундагы байланыштардын бошоңдоп бара жатышына кейип-кепчип, адамгерчиликтүүлүк мамилелердин начарлап бара жаткандыгына көңүл бурган. Акын жаштардын күндөлүк турмушунда улуулардын кеңешин угуусун турмуштук зарылдык катары эсептеген. Бул милдетти

аткарууда ата-энелердин ордун Жеңижок төмөнкүчө көрсөткөн:

Жакшы үйрөт билгениң,
Жаш кезинде балаңа,
Ата-энең кезинде,
Акыл айткан сага да.
Изине түшүп жакшынын
Ишине элдин жара да.

Бул идея кыргыз элинин турмушунда кылымдар бойлоп калыптанып келе жаткан баалуулук. Анын келечеги өтө бекем. Эгемендүүлүктүн шартында ата-бабаларыбыздан калган улуу мурастарыбыз келечегибизге даңгыр жол ача тургандыгын эске алсак, ар бирибиз жаңы ийгиликтердин ээси болоорубузга толук ишеним билдирүүгө негиз түзүлөт.

Адабияттар:

1. Жеңижок. Ырлар. –Фрунзе: Кыргызстан, 1982.
2. Мурас. – Фрунзе: Кыргызстан, 1990.
3. Жаныбеков Ж. Вопросы этики в произведениях акына-мыслителя Женижока. // Из истории социально- философской мысли народов Востока - Фрунзе: Кыргызстан, 1989.
4. Жаныбеков Ж. Даанышман ойчул. –Фрунзе: Кыргызстан, 1991.
5. Жаныбеков Ж. Кыргыз рухундагы социалдык-философиялык идеялар жана көз караштар. -Ош, 1996.
6. Залкар акындар. Жеңижок. 2 -том. – Бишкек: Шам, 1999.

Молдо Ныяз – XIX кылымдагы кыргыз акыны жана философу

Орустун сынчысы, философу жана публицисти В. Г. Белинский адилеттүү белгилегендей, көптөгөн көрүнүктүү жазуучу, акындар бир эле учурда өз доорунун философтору жана ойчулдары болушкан. Сыягы, бул абал көркөм чыгармачылык менен философиянын өз ара тыгыз байланышта турганына байланыштуу. Бул мааниде Вольтер, Руссо, Дидро, Гельвеций, Паскаль сыяктуу батыш адабий ишмерлерин же Ибн-Сина, Фирдоуси, Хайям, Рудаки, Низамиге окшогон чыгыш классик акындарын эстеп көрсөк, алардын баары өз мезгилинин эң мыкты окумуштуу, философ, ойчулдары болушкан. XIX кылымдагы кыргыз элинин адабиятында да философ, акын-философ деген наамга татыктуу акындардын наамдары белгилүү. Ошол кездеги Борбордук Азиянын башка элдериндей- Волга бою, Урал чөлкөмүнүн майда элдериндегидей -кыргыздардын да философиясы коомдук аң-сезимдин өз алдынча формасы боло элек болчу. Ал негизинен диний жана фольклордук формада эле.

Чыгармалары эл оозеки чыгармачылыгынын салттары менен сугарылган, терең философиялык мазмунга бай жана чоң көркөмдүк кунарлыкка ээ атактуу акындардын бири XIX кылымда жашаган кыргыз акыны, ойчулу Молдо Нияз Эрназар уулу болгон. Жогору жактан Молдо Нияздын чыгармачылыгын окутууга тыюу салуу боюнча эч кандай атайын токтом болбосо да, бул мурас көп жыл ичи көлөкөдө калып келди. Мисалы, орто мектептердин жана жогорку окуу жайларынын окуу программаларында акындын чыгармаларына орун бөлүнгөн эмес. Бирок бул Молдо Нияздын чыгармачылыгына эч кайсы окумуштуу кайрылган эмес, дегендикке жатпайт.

Биринчилерден болуп Молдо Нияздын чыгармаларынын баалуулугуна өзүнүн "Молдо Нияздын санаттарындагы диалектгик өзгөчөлүктөрдүн чагылышы" (1970) аттуу макаласында профессор Б. М. Юнусалиев көңүл бурган. Макалада автор санаттарды филологдор гана эмес, башка илимдердин адистеринин изилдөөсү зарыл деп баса көрсөткөн. Бирок Б. Юнусалиевден кийин XIX кылымдын эң билимдүү инсандарынын бири болгон бул инсандын мурасы унутта калтырылды. Мунун негизги себеби –кол жазмалардын окумуштуулардын көпчүлүгүнө түшүнүксүз байыркы түрк-чагатай тилинде экендиги болду. Экинчи себеп, биздин

пикирибизче, санаттардын мазмунуна байланыштуу. Ошол учурдагы ар кандай ырчы сыяктуу эле, кыргыз акыны Молдо Нияз да өз чыгармаларында исламды үгүттөп, патриархалдык-феодалдык түзүлүштү көкөлөткөн, Россиянын колониалдык саясатын кескин айыптаган. Ал эми мунун баары коммунисттик идеологияга жат умтулуштар болчу. Аталган обьективдүү жана субьективдүү себептердин натыйжасында Молдо Нияздын чыгармачылыгын иликтөөгө жана үйрөнүүгө тыюу салынган.

Гуманисттик идеалдарды кайра орнотуу жана андан ары өнүктүрүүнү, жалпы адамзаттык баалуулуктарды коргоо жана ырастоону талап кылган биздин доордо маданий мурас проблемасы биринчи планга коюла баштады. XIX кылымдагы улуу гуманист, философ, тарыхчы, географ, саясатчы жана саякатчы болгон Молдо Нияздын поэзиясы бул мааниде актуалдуу мааниге ээ болду. Акындын "Санат дигарасттар" деген ат менен белгилүү болгон ырлары адеп-ахлактык наркдөөлөттөрдү жаратуу жана сактап калуу идеясын камтыган бийик көркөм чыгармалардын үлгүсү болуп саналат.

Молдо Ныяз 1823-жылы азыркы Ош областынын Кадамжай районунун Кызыл -Булак айылында туулган. Араб тили боюнча биринчи сабактарды ал Каратегинде, кийинчерээк жергиликтүү медреседе, Маргаланда алды. Сабаттуулугу, билимдүүлүгү үчүн эл акынды "Молдо" (турасы "Молло") деп атады. Молдо Нияздыэл жакшы көргөн, анын пайгамбарлык сөздөрүн кунт коюп уккан. Анын социалдык-саясий көз караштарынын жугумдуулугу ушуну менен түшүндүрүлгөн.

Ырасында эле Молдо Ныяз кыргыз, араб, перси, байыркы түрк (чагатай) тилдерин билген акын-агартуучу болгон. Ошондуктан революцияга чейинки акындардын ичинен Молдо Ныязга өзгөчө орун таандык, анткени ал акын гана эмес, эң алгачкы жазгыч акындардын бири болгон. Бизге анын өз колу менен китеп түрүндө мукабалаган үч кол жазмасы жеткен, калган кол жазмалардын тагдыры азырынча белгисиз. Кечээ жакынга чейин 1917-жылкы революцияга чейин кыргыз эли өзүнүн жазмасына ээ болгон эмес, деген расмий пикир үстөмдүк кылып келди. Молдо Нияздын кол жазмалары- бул натуура элести төгүнгө чыгарчу аргумент.

Акындык шыгы, билимдүүлүгү, татыктуу авторитети Молдо Нияздын Кокон хандыгынын саясый турмушуна активдүү катышусуна түрткү берди. Кыргыз жеринин булуң-бурчтарын кезип жүрүп, ал Курманжан датка, Байтик баатыр, Шабдан баатыр, Сарымсак бий, Дыйканбай жана башкалар сыяктуу XIX кылымдын тарыхый инсандары менен

мамилелешкен. Акындын өмүр баянында анын өлгөн жылы изилдөөчүлөр арасында талаш-тартыш туудуруп келүүдө. Жалпы кабыл алынган 1896-жыл менен катар "Наймандын Молдо Ныязы" аттуу макаланын автору Абдылда Капаровдун оюнча, акын бир топ кечирээк кайтыш болгон, себеби санаттарда 1898-жылы болуп өткөн Анжиян көтөрүлүшү эскерилген.[1] Демек, улуу ойчулдун таржыма калында такталууга муктаж бир далай жерлер бар.

Санаттардын мазмунуна келе турган болсок, алардагы төмөнкү негизги багыттарды бөлүп көрсөтүү абзел:

а) Диний - адеп-ахлактык мүнөздөгү санаттар- негизги багыт,

б) Падышачылык бийликтин колониалдык саясатын сындоо,

в) Тарыхый окуяларды чагылдыруу,

г) Патриархалдык-феодалдык түзүлүштү колдоо.

Акын өзү Кокон хандыгындагы көптөгөн тарыхый окуялардын күбөсү жана түздөн-түз катышуучусу болгон: орус аскерлеринин Чимкен жана Ташкенди ээлеп алышы (1865-ж.), ферганалык кыргыз кыпчактардын бир бөлүгүнүн Кудаяр хандын бийлигинен Сарыколго качып кетиши (1848-1858), Кашгар өкүмдары Якуббектин кыргыз качкындарына жана башкаларга карата залимдиги,[2] Анжиян көтөрүлүшү (1898-ж.).

Акындын ырларын төмөнкүдөй темаларга бөлүп карайбыз:

д) Сүйүү лирикасы.

е) Бул же тигил инсанды мүнөздөө.

ж) "Жакшы" жана "жаман" аялды мүнөздөө.

з) Социалдык адилетсиздикти чагылдыруу.

Ушунчалык мазмундуу чыгармаларды жаратууда акынга анын кыргыз фольклорун терең билгени жардам берди. Акын өз санаттарында элдик эпос, уламыш, жомок, макал-лакаптарды кеңири, орду менен пайдаланган. Санаттардын этика-дидактикалык мүнөзүнө байланыштуу Молдо Ныяздын чыгармачылыгы кыргыз акындар чыгармачылыгынын санат-насыят багытына кирет. Акын-философ этикалык жана эстетикалык баалуулуктарды диний-философиялык ой-жүгүртүү фонунда карайт, бирок бул жагдай коомду адеп-ахлак жактан тарбиялоодогу "Санат дигарасттардын" маанисин түк кемитпейт.

Санаттарда "жакшылык" жана "жамандык", "ак көңүлдүүлүк" жана "кара мүртөздүк" так бөлүнүп көрсөтүлгөн. Адамгерчилик, адилеттүүлүк, эмгекчилдик, намыскөйлүк,

жупунулук, билимдүүлүктү акын инсандын эң мыкты касиеттери катары мактап ырдаган:

Жаман сөздү айтпаңлар
Адамнын көңлү гүл деген.[3]
Пешене терин шыпырып,
Пештемей кетмен көтөрүп,
Азамат чөлдө иштеген.[4]

Ошол эле учурда ал текебердик, түркөйлүк, жалкоолук, сараңдык, паракорлукту сындаган. Биринчи катарга Молдо Ныяз адамдын бактыга, эркиндикке болгон укугун койгон. Ошондуктан "Ата Мекен", "эл", "жоокер" түшүнүктөрүн бир бүтүн катары караган. Санаттарда үйдүн куту болгон аялдарга маанилүү орун берилген:

Катындын жакшы чебери
Базардай үйүн гүл кылат.
Баштыгыны тор кылат.[5]

Туулуп өскөн аймактын жаратылышын даңазалоо менен санаттар белгилүү деңгээлде тарбиялык ролду да аткарышат. Өз китепкөйлөрүн Молдо Ныяз жаратылышка этият мамиледе болууга чакырат, анткени андан биз рухий күч-кубат алабыз, ал бизди гармонияга үйрөтөт:

Суусап жүрүп бир жутса,
Сууктугу музча бар
Сувдан жакшы бар бекен.[6]

Өз таланты жана чыгармачылык багыты менен улуу ойчул акындык поэзияда өлбөс-өчпөс из калтырды. Санаттарда Молдо Ныяздын философиялык-этикалык гана эмес, социалдык-саясий көз караштары да чагылдырылган. Акыркы изилдөөлөр ойчулдун "заманчы" акындар менен демократ акындар деп аталып жүргөн көркөм сөз чеберлеринин ортосунда ээлеген ордун баса көрсөтөт. Совет мезгилинде ал топтор (биринчи топ- Калыгул Бай уулу, Арстанбек Буйлаш уулу, Молдо Кылыч Шамыркан уулу, экинчи топ-Токтогул, Тоголок Молдо, Барпы) жасалма жол менен карама- каршы коюлуп келген.

XIX кылымдын экинчи жарымы- XX кылымдын башталышындагы кыргыз акындарынын, анын ичинде Молдо Ныяздын социалдык- саясий көз карашынын чордонунда Россиянын басып алуу умтулуулары турган. Заманчылар сыяктуу санаттардын автору да падышалык бийликтин Кыргызстандагы колониалдык саясатын терең сындаган. Падыша отряддарынын басып кириши менен башталган кыргыз айылдарынын деградацияланышы, жергиликтүү элдин

ченде жок эксплуатацияланышы, кылым карыткан улуттук каада- салттардын кыйрашы, инсандын адеп- ахлак жагынан бузулушу санаттарда адилеттүү сындалган. Ошондуктан эркиндик идеясын жогору койгон заманчы акындардай эле Молдо Ныяз да орус армиясынын кирип келишин трагедия, кала берсе дүйнөнүн ойрон болушу катары кабылдаган.

Кыргыздардын киндик каны тамган жерин орустардын басып алышы Калыгулдун поэзиясында акыр заман катары кабыл алынган:

Элдин нурку азайып,
Ачка болот деп айткан.
Акыр заман адамы
Бакыл болот деп айткан.
Мал азайып арымдап,
Жакыр болот деп айткан
Эгини өнүп, чөп чыкпай,
Такыр болот деп айткан.[7]

Ушул эле саясый окуяны Арстанбек тар заман деп атаган:

Алматыдан аттанып,
Орус келе жатыр, ай.
Кыска чөптүн баарысын
Көрүп келе жатыр, ай,
Узун чөптүн баарысын
Оруп келе жатыр, ай,
Бул орусту карасаң,
Ченчи салып жерди алды.[8]

Эң аягында кыргыз тарыхынын бул мезгили Молдо Кылычтын "Зар заман" чыгармасында төмөнкүдөй чагылдырылган:

Ага-ини жашырды
Бир- биринен сырыны,
Мал азайып, көбөйдү
Соодагердин тыйыны.
Жайы-кышы тарыды
Былтыркыдан быйылы.[9]

Өзүнө гана мүнөздүү сезимталдык менен Молдо Ныяз орусташуу саясатын төмөнкүдөй жорго сөз менен берген:

Мусулманабад жок болуп,
Мурунку марттар жайланды.
Бутпарас кафир сак болуп,
Замана чапка айланды.[10]

Орус падышачылыгынын басып алуучуларына карата кыргыз акындары "басмачы", "каапыр" түшүнүктөрүн колдонушкан. Мен бул түшүнүктөрдү жалпы орус элине эмес, сугалактык саясаты "Россиянын экономикалык өнүгүү муктаждыгы-метрополия жана эффективдүүлүктүн" кубаты менен орус буржуазиялык жана падышачылык үчүн колония болгон Түркстанды эксплуатациялоону "көздөгөн орус буржуазиясынын өкүлдөрүн назарда тутам".[11]

Мурда айтылгандай, Молдо Ныяздын жана акын-демократтардын социалдык-философиялык көз караштарында жалпы көрүнүштөр байкалат: бир жагынан, эл массасын эзүүчүлөрдүн чектен чыккан бийлиги; экинчи жагынан, жөнөкөй элдин кызыкчылыгын коргоо. Токтогул, Барпы жана Тоголок Молдо сыяктуу акындар өз ырларында кыргыз коомунун социалдык-топтук иерархиясынын өзгөчөлүктөрүн көрсөтүп, эмгекчилердин оор тагдырын боор ооруу менен баяндайт:

Бул аманат дүйнөдө
Бирөө жүрөт зор болуп,
Бирөө жүрөт кор болуп.[12]

Реалист акын катары Молдо Ныяз санаттардын ондогон саптарында так тандалган эпитеттердин жардамы менен калпы жана сугалактыгы менен элди азапка салган уят-сыйытсыз динчилдерди мыскылдаган:

Бетпактын тиет балааси,
Казандын жугат карасы.
Кардыда кызыл чок болот
Казынын жеген парасы.[13]

Өзүнүн замандаш акындарына окшоп Молдо Ныяз коомдун ыдырашын падышалык Россиянын басып алуучулук саясаты же динге карата көңүлкош мамиле менен байланыштырган.

Бирок кыргыз акынынын кызматы жана динчилдигине карабай, исламдын салттык алкагынан чыгып, өзү жашаган доордун карама-каршылыгын көрө алгандыгы, анын өз доорундагы социалдык-саясий жараяндарга реалдуу баа бере билгендиги акындын улуу философтугу. Ошондуктан, жалпысынан алганда, Молдо Ныяздын чыгармачылыгы- бул ошол мезгилдин тарыхый окуяларын, саясий аң-сезимин, философиялык жана диний көз караштарын чагылдырган бүтүн система. Буга байланыштуу, тилекке каршы, али күнгө чейин Молдо Ныяздын акындык мурасына арналган фундаменталдуу эмгектин жок экендигин дагы бир жолу баса белгилегибиз

келет. Бирок О. Сооронов менен Р. Зулпукаровдун акындын туулган күнүнүн 170 жылдыгын утурлап жарык көргөн "Молло Нияз. Санат дигарасттар" аттуу китебин бул багыттагы маанилүү окуя деп эсептөө абзел. Бул китептин чыгышы менен улуу акындын маданий мурастарын ар тараптан изилдөөгө реалдуу мүмкүнчүлүк түзүлдү. Натыйжада өзүнө мүнөздүү жетишкендиктери жана мүчүлүштүктөрү менен Молдо Ныяздын чыгармалары кыргыз адабият тарыхында акыйкат ордун ээлейт. Ошону менен бирге Молдо Ныяздай кеңири билимдүү инсандын поэзиясы -өз жолун өзү таап, улуттук идеологиясын калыптап жаткан жаш кыргыз мамлекетинин адеп-ахлактык негизинин зарыл компоненти.

Пайдаланылган адабияттар:

1. Капаров А. Наймандын Молдо Ниязы. /Ош жаңырыгы.-1994.- 01.03.
2. Юнусалиева Б. М. Отражение диалектных особенностей в санатах Молдо Нияза. В кн.: Тюркологические исследования.-Фрунзе: Илим, 1970. –50-бет.
3. Молло Нияз. Санат дигарасттар/ Арап тамгасындагы эски жазмадан азыркы тамгага Р. Зулпукаровдун көмөгү менен көчүрүлгөн. Китеп кылып түзгөн жана баш сөзү менен сөздүктөрүн, кошумчаларын жазган Омор Сооронов.-Б., 1993.-38-бет.
4. Жогорку китептин 117-бетинде.
5. Жогорку китептин 43-бетинде.
6. Жогорку китептин 47-бетинде.
7. Калыгул Бай уулу. Акыр заман /Мурас: Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч; Алдаш Молдо, Жеңижок, Токтогул жана башкалар. Түзгөн М. Абдылдаев.-Фрунзе, 1990. –34-бет.
8. Арстанбек Буйлаш уулу. Тар з аман. / Мурас ...-37-бет.
9. Молдо Кылыч Шамыркан уулу. Зар заман. /Мурас...- 49-бет.
10. Молло Нияз. Санат дигарасттар.-16-бет.
11. Плоских В. М., Галицкий В. Я. Тропою первопроходцев-Кыргызстан 1973.-5-бет.
12. Молло Нияз. Санат дигарасттар... - 101-бет..
13. Жогорку китептин 34-бетинде.

Ысак Шайбековдун социалдык-философиялык көз карашы

XIX кылымдын акыры -XX кылымдын башында кыргыз элинин коомдук -саясий турмушунун сересинде турган алдынкы катардагы даанышман ойчул акындардын бири Ысак Шайбеков болгон. Акындын чыгармачылыгынын зор таасирдүү күчү- кыргыз элинин турмушу менен тыгыз байланышта болуп, анын кызыкчылыгы, таламы үчүн кызмат кылгандыгында. Таланттуу ойчул-акын өз доорунда нукура элдик каада-салтты, демократиялык көз карашты коргоп, сактоо үчүн күрөшкөн. Ал турмуштагы ар кандай терс көрүнүштөргө каршы талыкпай күрөшкөн. Өз замандаштары эмгек адамынын таламы үчүн жан күйгүзүп, кейип-кепчиген, алардын рухий байлыгын өстүрүүнүн талапкери болгон.

Ысак Шайбеков 1880-жылы Пишкек уездинин Чоң-Кемин айылында кедей адамдын үй-бүлөсүндө туулган. Ата-энесинен эрте ажырап, он жашар бала жергиликтүү оокаттуу кишилердин кол алдында жалданып турмуш кечирген. Кийинчерээк, Токмоктогу Молдо Закир калпанын үйүндө кызмат өтөө менен, андан окуганды, жазганды үйрөнгөн.

1897-жылдан орус байы Красчиковдун үй кызматында болуп, акындын өзүнүн айтуусу боюнча, орус тилин үйрөнгөн.

Акындын чыгармачылык жолу 1908- жылдан башталат, алгачкы кадамы Быстровка айылында кедей дыйкандардын балдарын окутуудан уланган. 1910 -жылкы Кеминдеги табийгый кырсык -жер титирөө, анын кыйратуучу күчү, элдин башына түшкөн оор күндөр акындын көз карашына зор таасир тийгизди. Ошол күндөрдө анын «Зилзала» аттуу чыгармасы эл арасында кеңири маалым болду. Ал эми 1916-жылкы үркүндө кыргыздардын улуттук-боштондук кыймылынын жүрүшүндө акындын «Кайран эл», «Азган эл», «Кайткан эл» аттуу поэмалары жаралды. Бул чыгармаларда кыргыз эли өз башынан өткөргөн каргашалуу учурду гана мүнөздөбөстөн, кыргыз элинин кажыбас кайратын, чыдамкайлык касиетин, ак пейил, меймандостук, адептүүлүк сапатын, рухий байлыгын көрсөткөн. Акын жараткан чыгарма –1916- жылы кыргыз эли басып өткөн кайгылуу жолдун күбөсү -катардагы маалымат эмес, кыргыз элинин ар бир мууну, келечек муундар үчүн коомдук-саясий кырдаалды өлчөп-өкчөп көрсөтүүчү тарыхый маалымат. Биздин оюбузча, акын өз көзү менен көргөндөрдү,

болгон окуяларды даана-ачык көрсөтүп, кыргыз элинин рухий мурасына баалуу салым кошту.

Ысак Шайбековдун зор талантынын, булагы, көз карашынын калыптанышынын булагы кыргыз элинин кылымдарды камтыган оозеки чыгармачылыгы болгондугун баса көрсөтүү зарыл. Анткени акын кыргыз элинин оозеки чыгармаларын зор ынтаа коюу менен угуп, "Манас" эпосунан, кичүү эпостордон, дастандардан үзүндүлөр айта билген.

Акындын элдик рухий мурасты терең өздөштүрө билиши, өзүнүн коомдук турмушка карата жекече көз карашынын калыптанышына мүмкүнчүлүк берди. Анын чыгармаларында кездешүүчү коомдук турмушка карата баалуу ойлор, сыныптар социалдык маанидеги проблемаларды өз ичине ала баштады.

Тарыхый-прогресс жолунда адам баласы басып өткөн жолдогу социалдык рухий байлыкты сактап калып, аны алып жүрүүчүлөр эл, анын ичиндеги акылмандар экендиги белгилүү.

Кыргыз элинин басып өткөн жолундагы патриархалдык-феодалдык түзүлүштүн учурунда дал ушудай акылмандардын катарына Калыгулду, Арстанбекти, Калмырзаны, Балыкооз ж.б. кошууга болот. Ал эми Ысак Шайбеков, аны менен бир доордо жашаган ага замандаш акындарга да жогоруда аты аталган акылмандардын таасири тийбеген деп кароого болбойт.

Ысак Шайбеков окуганды, жазганды тыкан өздөштүргөндүктөн, орустун, Орто Азия элдеринин турмушундагы демократиялык идеялар менен таанышты башкаларга салыштырмалуу басымдуулук кылган. Анткени орус тилинен казак жана татар тилдерине которулган орус классиктеринин чыгармалары менен таанышты болгон. Казак агартуучулары Абай Кунанбаев, Ибрай Атынсарин, татар агартуучулары Габдулла Тукай, Каюм Насыринин чыгармаларын окуп үйрөнүп, эл арасында кеңири пропагандалоочулардан болгон.

Ысак Шайбековдун алгачкы чыгармалары, негизинен, өз башынан өткөргөн окуяларга байланыштуу жаралган. Ар бир чыгармасында болуп жаткан окуяларды терең, кеңири мааниде мүнөздөп, анын сүрөттөмөсүн элестүү кылып көрсөтө алган. Бирок анын социалдык маңызын талдоого караганда айрым окуяларды ачык-айрым көрсөтүү менен гана чектелген.

Ысак өзүнүн чыгармаларында патриархалдык-феодалдык коомдук турмуштагы социалдык күчтөрдүн ээлеген орундарын тактоо менен, кедей топторунун басымдуу бөлүгүнүн алсыздыгын, өтө эле пассивдүүлүгүн ал эми бай-манаптардын,

кыргыз урууларынын турмушунда бүткүл чарбалык турмуштиричиликте үстөмдүк кыла тургандыгын белгилеген. Акын байлардын, манаптардын кыргыз коомундагы ордун мүнөздөп келип, коомдук байлыкты түзүүгө күч сарптап, кол тийгизбей, ал байлыктын ээси болуп калгандыгын, эмгекчилердин эсебинен жыргал турмушта жашап жаткандыгын туура түшүнгөн. Ысак өз чыгармаларында XIX кылымдын акыры - XX кылымдын баш чендеринде кыргыз эли патриархалдык-феодалдык турмуштун кырдаалында аларды жакырчылыкка, укуксуздукка, теңсиздикке дуушар кылган айрым жеке феодалдык төбөлдөрдү эмес, социалдык топ катары жашап турган бай-манаптык социалдык структураны күнөөлөгөн. Бул көз караш боюнча, акын кыргыз коомунда социалдык саясий проблеманы чечүүдө, акын-демократ Токтогул Сатылгановго караганда да тереңирээк түшүнүктү бере алган.

Ысак өзүнүн 1916-1917-жылдарда жаралган чыгармаларында «Зилзала» поэмасына салыштырмалуу патриархалдык-феодалдык коомдук мамилелердин негизин тереңирек анализдөөгө жетишкендиги байкалат. Административдик башкаруу системасындагы болуш, ыстарчындардын, жергиликтүү феодалдык төбөлдөрдүн койгон кишиси, падышачылыктын колонизатордук саясатын ишке ашыруучулар экендигин көрсөтөт. Ал жөнүндө акын минтип жазган:

Миң үйгө бир манаптын болуш кылган
Бай манап жакшы жерди конуш кылган
Көңүлүнө жаккан жерди бекитишип,
Кедейди келтирбестен көнүш кылган

Шайлаган жүз койлуудан ыстарчын деп,
Түшкөндө казына акча кыстырсын деп
Бир кедей салык акча таппай калса,
Буйругун ыстарчындын кылчу эле эп. («Кайран эл»,-16.б.)

Акын өзүнүн белгилүү «Кайран эл» аттуу поэмасында кедейлердин жакырданышынын күчөшү жергиликтүү бийлик ээлеринин адилетсиздигинин натыйжасы экендигин туура түшүнгөн.

Ал көрүнүштү мындай эскерет:

Айлына байдын уулун бий шайлаган,
Жесир доо, чатак болсо ал «Жайлаган»
Бир кедей чыгым таппай кечиктирсе,
Мойнуна абак кесип сотко айдаган. («Жазгыч акындар», 29-б.)

Акын чеберчилик менен коомдук турмуштун жалпы мүнөзүн туура сүрөттөй алган. Кыргыз элинин реалдуу турмушун мүнөздөп келип, Ысак эмгек адамынын өз башынан өткөрүп жаткан кыйынчылыктарын, оор турмушун көрсөткөн. Ал өзгөчө кедейлердин сабатсыздыгына, караңгылыгына, турмуштагы пассивдүүлүгүнө кайгырган. Падышачылыктын колониялык саясатын, эзүүсүн улуттук мааниде эмес, социалдык аспектиде түшүнгөн.

Ысак Шайбеков колонизатор жана баскынчылар менен жергиликтүү калктын ортосунда бирин-бири түшүнүү, бекем байланыштын түбөлүктүү болуп кетишине ишенген эмес жана алар бири-бирине ар кандай кырдаалда карама-каршы душмандык сезимде кала беререне көзү жеткен. Өзүнүн бул оюн Ысак бир эмес бир нече жолу кайра-кайра эске салган, ал тургай Совет бийлигинин жылдары ичинде жазылган чыгармаларында да кайрылгандыгы белгилүү. Өзгөчө өзүнүн «Азган эл» поэмасында падышачылыктын колонизаторлук саясатына өтө кыжырдангандык пикирлерин айткан. Орус падышачылыгы колониялык ырайымсыз саясатты кыргыз элине гана эмес башка коңшу элдерге да каршы жүргүзүп жаткандыгына кыжырданган Ысак өзүнүн акындык чеберчилиги менен кош зомбулуктун алдында калган өз элине аз да болсо жөлөк болууга аракеттенген.

Кыргыз коомчулугунда ушул учурга туура келген феодалдык системанын ыдырай башташы кыргыз элинин кош кабат эзүү алдында, жергиликтүү феодалдык төбөлдөр менен Кокон хандыгынын кол алдында болгондугу аркылууу түшүндүрүүгө негиз бар. Кокон хандыгынын үстөмдүгү астында кыргыз эли үзгүлтүксүз болуучу уруулук кагылышуу, мезгил-мезгили менен боло калуучу чабыштар элди мөгдүрөтүп, турмуш-тиричилигин оор абалга дуушар кылып турган. Ушундай татаал шартта, Кокон хандыгынын жоюлушу, анын ордуна күч-кубаттуу орус империясынын карамагында болуп калуу кыргыз элинин турмушунда маанилүү өзгөрүштөрдү алып келгендигин айтпай коюуга болбос.

Ысак Шайбеков тарыхый чындыкты элестүү түрдө мүнөздөп: «Кыргыз элинин куралдуу кыймылынынын башкы себеби падышачылыктын ырайымсыз-колониялык саясатынын натыйжасы»,-деп көрсөткөн. Акындын терең түшүнүгү боюнча падышачылыктын бул саясаты орус байларынын кызыкчылыгы, жергиликтүү бай-манаптардын таламдарына ылайык келип чыккандыгын айтат.

Анын ыр саптарынан:

Чыдабай бул зордукка каршы бастык,
Айры, чочмор, найзачан согуш ачтык,- деген («Жазгыч акындар», 30-б.) чечкиндүү сөздөрдү окуйбуз.

Кыргыздар Россия империясынын составына киргенден кийин падышачылык жергиликтүү калктан улам салыктардын суммасын, түрүн көбөйтүп, түшүмдүү жерлерди ээлеп алууну күчөттү. Падышачылык өкмөт көчмөн кыргыздардын жерлерин мамлекеттин менчиги деп жарыялады. Ошол негизде керек болгон учурда жерлерди токтоосуз тартып алууга мүмкүн экендиги көрсөтүлгөн.

Натыйжада кыргыз жеринин кыртышы бай зоналары падышанын чиновниктерине- бай казактарга, кыргыз байлары, манаптарынын ээлигине өтө баштады. Жерсиз калган кыргыздар байлардын, манаптардын, орус чиновниктеринин карамагында арзан жумуш күчүн түзгөн батрактарга айланды.

Өзгөчө падышалык империянын карамагында турган элдерден падышалык армиянын тылдагы кара жумуштары үчүн мобилизациялоо жөнүндөгү жарлыгы карапайым калкты коогалаңга түшүрдү, нааразылык, кыжырдануу кыска мөөнөттө чоң регионду каптады. Айрыкча бай-манаптардын балдары өз ордуна башка бирөөлөрдү жалдап жиберүү укугуна ээ болушу кыжырданууну ого бетер өрчүттү.

Демек, XIX кылымдын аягы- XX кылымдын башындагы коомдук-саясий жана экономикалык өзгөрүүлөр социалдык-философиялык ой-жүгүртүүгө таасирин тийгизди.

Адабияттар:

1. Байходжаев С. Жазгыч акындар. –Фрунзе, 1959.
2. Ы. Шайбеков. Кайран эл. – Фрунзе: Кыргызстан, 1975.
3. Үркүн. -Бишкек, 1993.
4. Солтоноев Б. 1916-жыл. Кыргыз көтөрүлүшү. -Бишкек,1993.
5. Маленов Б. Крупный представитель акынов-писменников и к столетию со дня рождения Ы. Шайбекова.-Фрунзе,1980.
6. Жаныбеков Ж. Кыргыз рухундагы социалдык-философиялык идеялар жана көз караштар.-Ош, 1996.

Барпы Алыкулов

XX кылымдын башталышындагы кыргыз элинин социалдык-экономикалык турмушунда патриархалдык-уруулук мамилелердин калдыктары сезилерлик даражада сакталып турган. Кыргыз айылдарындагы жалчылар негизги өндүрүш каражаттарынан (жумушчу жана продукты берүүчү жаныбарлар, эмгек куралдары ж.б.) ажырап, байлар менен кошо көчүп, алардын үй-бүлөсүн тейлеп, чарбаларында иштешкен. Бул эмгек үчүн кедей байлардын дасторконунан калган кешикти жана эскирген кийимдерди алган.

Патриархалдык-феодалдык мамилелердин үстөмдүк кылышы, Россиянын чет жакасындагы, анын ичинде кыргыздардын арасында өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшүнө негизги жолтоо болгон. Кыргыздардын чарбасынын негизги тармагы көчмөн жана жарым көчмөн экстенстивдүү мал чарбасы бойдон калган. Бардык жерге тараганына карабастан, дагы эле көчмөн мал чарбачылыгына баш ийип, чарбанын өз алдынча тармагы катары бөлүнүп чыга элек болчу.

Падышалык бийлик тоо элинин сабатсыздыгын жана ич ара жаңжалдарын колдоп турган, ошону менен көчмөндөрдүн улут эмес, толук кандуу эл болушуна тоскоол болгон.

Жылдан жылга элдин нааразычылыгы күчөй баштады. 1905-1907-жылдардагы биринчи орус революциясынын таасири менен Кыргызстандын эмгекчи элинин да саясий активдүүлүгү ойгоно баштады.

Биринчи орус революциясы мезгилиндеги Кыргызстандын улуттук-боштондук кыймылында прогрессивдүү маанайдагы акын-демократтар кеңири эмгекчилердин кызыкчылыгын чечкиндүү жактап чыгышты. Алардын ичинен ойчул акын Барпы Алыкуловдун (1884-1949-ж.) аты айрыкча урмат-сыйга татыктуу. Эл арасында анын кадыр-баркы эбегейсиз бийик болгон, себеби акын өмүр бою калайык менен бирге жашаган.

Барпы Алыкулов 1884-жылы Түштүк Кыргызстандын Ачы кыштагында (азыркы Жалалабат облусунун Сузак району) кедей Алыкул Шамурзаевдин үй-бүлөсүндө туулган. Көптөгөн жарды көчмөн малчылар жана дыйкандардын үй-бүлөсүндөй эле Алыкулдун үй-бүлөсү да катуу муктаждыкта, жакырчылыкта күн көргөн. Балдарын ачкачылыктан куткаруу үчүн болочок акындын атасы арзыбаган акыга байларга жалданып иштеген.

Алыкулдун балдары башка кедей балдарындай ачуу, кайгылуу тагдырды баштарынан өткөрүштү. Аларды Алыкул

жаштайынан эле байларга малайлыкка жөнөтүүгө аргасыз болгон. Болочок акын сегиз жашында Назарбай аттуу байда жалданып иштей баштады. Жаш малайдын турмушу адам чыдагыс эле. Саратанда да, чилдеде да ач-жылаңач боз бала байдын малын кайтарган. Ачкалык, басмырлоо, ыза, бай жана анын урук-туугандарынын айкырыгы Барпыны дайыма коштоп жүрдү. Келечектеги көркөм сөз өнөрүнүн чеберинин ата-энесинин, туугандарынын тагдыры да ушундай азап-тозоктуу эле. Ошондуктан ушул жылдар анын эсинде терең из калтырган. Кийинчерек бала чагын эстеп, "Мен көргөн күндөр" деген ырында акын буларды айтат:

Кышкысын отун ташып алыс сайдан,
Канча жыл кордук көрдүм залим байдан.
Жокчулук, көрдүм азап, тарттым жана
Көрсөттү көп кордукту жүзү кара!
Суукта колум үшүйт куурап-какшап,
Бутумду суук алган, жүрөм аксап.[1]

Бала кезинде акын Назарбай, Калматбай, Мадали ажы сыяктуу байларда жалчы болуп күн көргөн. Ошентип, эзүүчүлөрдүн өз башымчылыгын, бейбаштыгын жана адилетсиздигин акын жон териси менен сезген. Таптакыр сабатсыз калганына ал катуу арман кылган.

Бул жылдары ал өзү теңдүү укуксуз жана эзилген жорожолдошторунун чөйрөсүндө кайгы жана таарынычка толгон ырларды жарата баштады. Он төрт жашында келечектеги акын биринчи жолу эл алдында ырдап чыкты. Анын ырларында эзүүчүлөрдүн өз башымчалыгын, тартипсиздигин ашкерелеген нааразылык ыргактары алгач угула баштады:

Ук, калайык, үнүмдү,
Мен көргөн кайгы күнүмдү,
Бай, бийлердин дартинан
Канча адамзат бүлүндү
Күйгүздү заман мендейди,
Күйгөндөн шордуу кедейди?
Залимге сый, той, тамаша,
Көзгө илишпейт кедейди.[2]

Барпынын ачык-айрым, чынчыл ырларын чогулгандар чын ыкластан кабылдашып, өтө жактырышкан. Ал эми феодалдык төбөлдөрдүн жана алардын малайларынын аларды

[1] Барпы. –Фрунзе, 1970.-191-бет.
[2] Барпы Алыкулов. Чыгармалар.-Фрунзе, 1960.-5-бет.

укканга эч кандай чыдамдары жок эле. Карамурзага окшогон айрым тажрыйбалуу ырчылар Барпыны өзүлөрүнүн кооптуу теңтайлашы деп эсептешип, аны эл көзүнчө кемсинтүүгө аракеттенишкен. Ушул максатта ал жаш акынды кедейлиги үчүн шылдыңдай баштады. Бирок Барпы өзүн жоготпой, Карамурзанын эрегишке чакыруусун кабыл алып, ага татыктуу жооп берди. Акындын кайтарган жообу олтургандардын жалпы каткырыгын жаңыртты. Ошентип, жаш жигит элдин таанымал акыны боло баштады. Аны ар түрдүү элдик салтанаттарга чакыра башташты, аерде жаш ырчы феодал мыкчыгерлерди мактабай, чындыкты камтыган чыгармаларын аткарды:

Ак кымкаптан тон албайм,
Ак күмүштөн сом албайм.
Ар кимди барып бир мактап,
Ары жок ырчы боло албайм.
Алтынды көрүп алданбай,
Алкымыңдан кармалбай,
Ырдай билгин жакканга.[1]

Элге таанылып калган жаш Барпы айыл, конуш, жайлоолорду кыдырып, көптөгөн кыргыз жана өзбек акындары менен жолугушту. Түштүк Кыргызстандын тургуну катары ал кыргыз айылдарына жанаша жайгашкан өзбек кыштактарында болгон. Ошентип, элдин жашоо шарты менен жакындан таанышуу акындын дүйнө таанымын аныктады.

Элге кеңири таанымал акын болгон чакта Барпы биринчи жолу Токтогул жөнүндө укту. Кыргыз акындарынын арасында теңи жок таланттуулугунан кабардар болгон Барпы улуу акындын ырларын өз оозунан угуп, андан чеберчиликти үйрөнүүнү каалады. Ушул тилек менен 1915-жылы Барпы атайы Кетментөбөгө барып, улуу акын менен жолугушат. Жекече таанышуудан кийин Токтогул жаш акындын талантын жогору баалайт:

Эми жок менин арманым,
Бар экен сендей ардагым.
Ырдашында айып жок,
Калыпка тартып койгондой.
Кындын, терме, санатын,
Сен болдуң менин канатым.
Устасы болуп жол ачсам,
Адашпай кеттиң ырыңдан.[1]

[1] Барпы Алыкулов. Чыгармалар.-Фрунзе, 1960.-3-бет.

Бул мезгилде Сибирь сүргүнүнөн соң Токтогулда революциялык маанай ойгоно баштаган. Элдин күчү биримдикте экенин байкап, ал эмгекчилерди баш кошууга чакырган, себеби ушул ыкма менен эзүүнүн чынжырын талкалап, мителердин үстөмдүгү жоюларына жана бакытка жол ачыларына катуу ишенген. Акын бул жаркын күндүн элге келишин чыдамсыздык менен күтөт:

Оңолор заман биздики
Оодарылып кылымдан.
Кутуларбыз жарк этип,
Курутпай эзген зулумдан.
Жаркырап бизге тың атар,
Жамандар бизден адашар.
Кабарын укkам, түшүнөм,
Аракет кылган бирөө бар.
Душмандар түшөр ордуна,
Чыгарбыз теңдик жолуна.
Сүйгүлүктүү турмуштун
Түрү келер бир күнү.[2]

Албетте, жаратылышынан ойчул болгон Токтогул Барпыны акындык чеберчиликке үйрөтүү менен гана чектелбей, анын дүйнө таанымынын тереңдешине да шарт түздү. Бул тууралуу Барпынын төмөнкү сапаттары далилдүү айтып турат:

Акындардын ичинде,
Артык экен ардагың.
Керек болду иниңе
Таалим, нуска алмагым.
Таалимиң алып калсам деп,
Абалы менде үмүт чоң.[3]

Ошентип, Токтогул, анын социалдык-саясий темадагы кеңири белгилүү ырлары менен бетме-бет таанышкандан соң, Барпы Алыкуловдун чыгармачылыгында прогрессивдүү социалдык мотивдердин күчөшү байкала баштады: анын ырлары мазмундуураак боло баштайт жана эмоционалдуу жугумдуулугу өсөт.

Ошону менен катар 1910-1914-жылдардагы Россиядагы революциялык окуялардын жана социалдык тармакталуунун, ага жараша идеялык күрөштүн андан ары курчушу ойчул

[1] Барпы. Чыгармаларынын бир томдук жыйнагы.-Фрунзе, 1970. –109-бет.
[2] Токтогул. Чыгармаларынын эки томдук жыйнагы. 2 т., 1964,-93-бет.
[3] Мурас, "Кыргызстан", 1990,-380-бет.

акындын чыгармачылыгында чагылдырылбай калбады. Өз чыгармаларында ал феодалдык төбөлдөрдүн жаман кылык-жоруктарынын бетин ачып, эл массасынын рухий туткундалышына каршы чыккан. Бул жагдайда Барпынын социалдык темадагы ырлары айрыкча курч ырдалган.

Алыкуловдун чыгармалары, шек жок, эмгекчил элдин аң-сезиминин ойгонушуна түрткү берди. Анын ырлары революцияга чейинки Кыргызстандын калкын эзүүчүлөргө жана жашап турган түзүлүшкө каршы тарбиялоодо баа жеткис роль ойноду.

Улуу акын курчап турган жаратылышка жана адамга, б.а., жалпы турмушка өтө кызыккан. Албетте, социалдык-саясий кубулуштардын акынга белгилүү жактары гана анын ой жүгүртүүсүнүн предмети боло алган. Айлана чөйрөнү акыйкый түшүнүү максатында ал жаратылыштын өзүнө таянып туруп түшүндүрүүгө аракеттенген.

"Аккан суу" ырында Барпы сууну "түбөлүктүү", "тирүү" деп атайт, б.а., суу өмүрдүн, кубаттуулуктун жана күчтүн алып жүрүүчүсү катары бааланат. Ырда төмөнкүдөй саптар бар:

Топуракты нымдатып,
Сүзүп чыккан аккан суу.
Жер астынан аңтарып,
Бузуп чыккан аккан суу.
Макулуктун баарынын
Каны сенсиң, аккан суу,
Айбан менен куштардын
Жаны сенсиң, аккан суу.

Барпынын дүйнө карамы баео экендиги табигый көрүнүш, бирок ал материалисттик да багытта эле. Ал эми кийинки сапат ошол доордогу кыргыз коомунун жана философиялык ой жүгүртүүнүн өнүгүү баскычына жараша болгон. Акын өз мекендештерин ырым-жырымдын, түркөйлүктүн, социалдык адилетсиздиктин туткунунан бошонуусуна жардам берүүгө умтулган. Ошондуктан өз ырларында Барпы социалдык кызыкчылыктарды жергиликтүү ак сөөктөр менен жалпы көз карашта болгон мусулман дин кызматкерлерин катуу сындаган. Ал эми "Күн" деген ырында анын асмандын бул "чырагын" эч качан өчпөчү жалын катары карайт. Анын жашашы эч кандай табийгаттан сыртта турган күчкө муктаж эмес. Гелиоцентристтик теорияны баео түрдө колдонуп, ал төмөнкү пикирди айтат:

Күн болбосо көрбөйсүң
Жарык дүйнө шарыны.
Күндүн нуру болбосо,
Суу күркүрөп көбөйбөйт.
Күндүн нуру болбосо,
Өсүп чие көгөрбөйт.[1]

Жердеги турмуш ааламдын тырнактай эле бурчу. Андан ары акын күн түбөлүктүү жашап, эч качан жоголбойт,[2] деп ырастайт:

Замандар өттү сен калдың,
Өлбөстүккө ашкере.
Адамдар өттү сен калдың,
Түркүнсүңбү бир өзүң?

Өз чыгармаларында Барпы жаратылыштын кооздугун, байлыгын, адамдын сулуулугун жана анын абийир, адилеттүүлүк, акыл-эс сыяктуу рухий байлыктарын даңазалаган.

Улуу акын адам эмгегинин кубатына ишенген. Ал жупуну эмгекчинин адамдарга, коомго пайда келтирген эмгегин даңктаган, ал эми зордукчул жана эзүүнү, жалганчылык жана эки жүздүүлүктү айыптаган. "Мадали ажыга", "Алдамчы эшен", "Залим хандар азабы", "Эмине бар бул жерде?", "Айт, айт десе" ж.б. чыгармаларында кулчулуктун чаташкан торуна түшкөн элдин жакырлыгы жана укуксуздугу чагылдырылган.

Барпы Алыкулов эмгекчилердин азап-тозогу жөнүндө ырдаган: кыргыз коомунун төбөлдөрүнүн жана дин кызматчыларынын калпычылыгына, ичи тардыгына, ырайымсыздыгына, адеп-ахлаксыздыгына наалат айткан. Ал бай жана манаптардын жатып ичер турмушун жек көргөн, калайык-калктын кызыкчылыгына ишенимдүү бойдон калган.

Пайдаланылган адабияттар:

1. Барпы. Чыгармаларынын бир томдук жыйнагы.-Фрунзе, 1960.
2. Барпы Алыкулов. Чыгармалар. Бир томдук.-Фрунзе, 1970.
3. Мурас.-Фрунзе, 1990.
4. Барпы Алыкулов. Собр.соч. в двух томах.-Бишкек, 1994.
5. Антология пед. мысли Кирг. ССР.-М.: Педагогика, 1988.

[1] Барпы Алыкулов. Чыгармалар.-Фрунзе, 1960, -66-67-бет.
[2] Ошондо, -68-бет.

Кыргызские мыслители



ББК Ж - 31

Книга рекомендована к печати решением Ученого Совета Ошского государственного университета.

Рецензенты: докт.филос.наук, профессор Ш. Базарбаев
докт.филол.наук, профессор Т. Аширбаев

Ж – 31 Жаныбеков Жээнбек.
Кыргыз ойчулдары. /Кыргызские мыслители. - Ош: ОшМУ, 2004 , 151 стр.

ISBN 9967-02-

В книге рассматриваются философские размышления, социально-философские взгляды выдающихся мыслителей, основоположников кыргызской философии Молдо Кылыча Шамыркан уулу, Молдо Нияза Эрназар уулу, Токтогула, Тоголока Молдо, Дженижока, Ысака Шайбекова, Барпы Алыкулова, Калыгула Бай уулу, Арстанбека Бушлай уулу.

Книга рекомендуется преподавателям, студентам вузов, всем, кто интересуется духовными ценностями кыргызского народа.

Введение

Мифы, легенды, бытовые сказки, пословицы и поговорки, крылатые слова, сопровождавшие кыргызский народ в течение веков, являются духовной кладезью нашего народа. Эти непреходящие ценности, воплотившиеся в виде устного творчества и наскальных надписей, передающиеся от поколения к поколению, воистине выступают великими наследиями наших предков.

Книга Президента Кыргызской Республики Аскара Акаева "Кыргызская государственность и народная эпос "Манас"" является весомым вкладом в развитие духовной ценности и великих народных наследий, о чем свидетельствует жизненная реалия. Есть все основания утверждать, что инициатива А. Акаева, поднятая в организации объединенных наций- об отмечании в 2003 году 2200 летие Кыргызской государственности, подняла актуальность изучения кыргызской духовной ценности еще на одну ступеньку.

Особняком стоят в великих наследиях кыргызского народа легендарные мыслители Толубай сынчы, Санчы сынчы, Токтогул ырчы, Асан кайгы, Жээренче чечен, его сноха Акыл Карачач, отличавшиеся мудростью, смекалкой. Кыргызскому народу удалось сохранить как зеницу ока и переносить сквозь жизненные лихолетья духовную культуру предков.

Известные на весь мир мыслители-кыргызы средневековья Жусуп Баласагын и Махмуд Кашгари со своими бесследственными творениями "Куттуу билим", "Түрк сөздөрүнүн жыйнагы" ("Свод тюркских слов") внесли неоценимый вклад в общечеловеческие ценности.

Позже, на стыке XV-XVI веков появились известные не только кыргызскому народу, но и другим народам героические эпосы "Курманбек", "Жаңыл мырза", "Кедейкан", служившие образцами храбрости, мудрости и заняли в сердцах народа законное место как ценное наследие.

Среди тех, кто способствовал формированию кыргызской философии, следует назвать известных мыслителей XVIII в. Нооруза, Балыкооза (Бекмурат), его сына Наймана. В своих произведениях они призывали свой народ к рассудительности, трезвомыслию. А мыслители XIX в. Калыгул Бай уулу, Арстанбек Буйлаш уулу, Молдо Кылыч Шамыркан уулу, Молдо Нияз Эрназар уулу призывали применять образцы разума в конкретных жизненных ситуациях. Каждый из них-Калыгул в "Акыр замане" ("Конец мира"), Арстанбек в "Тар замане" ("Трудные времена"), Молдо Кылыч в "Зар замане" ("Эпоха скорби"), Молдо Нияз в "Санат дигарасттары" сумели передать глубокие философские представления. Например, Калыгул пел об Иссык-Куле:

"Күңгөйдөн куят миң булак, На кунгее тысяча родников,
Тескейден куят миң булак, На терскее тысяча родников,

Аягынан агып чыкпайт бир булак.	Но не вытекает ни один.
Төбөсү бийик,	Холмы высокие,
Төгөрөгү туюк,	Поля замкнутые,
Ыссык- Көл бейиштин	Иссык-Куль-
бир эшигидир!"	одна из дверей рая!"[1]

Арстанбек печалиться над горькой судьбой народа:

"Каптаган тузду көтөргөн,	"Носит соль в мешке,
Көлүк болду элибиз.	Скотом стал народ.
Башка чапса былк эткис,	И получив удар по башке, не пикнув,
Өлүк болду элибиз".	Беспробудным трупом стал народ"[2].

Молдо Кылыч сетует, что:

"Береке качты замандан,	"Эпоха лишилась удачи,
Нуска жорук жоголду.	И стар, и млад.
Жакшы менен жамандан".	Потеряли благонравие"[3].

Молдо Нияз грустит об угнетении своего народа новыми притеснителями- русскими колонизаторами:

"Отуз жылга жакындап	"В течение традцати лет
Орус келип зор болду.	Русские господствуют.
Оң-солдун баары кор болду,	Все стали униженными,
Сайил күндө кыш түшөт.	Не к спеху наступит зима.
Мусулмандар башына	Неизвестно, какие скорбные
Муңайтып кандай күн түшөт".	Дни ожидают мусульман"[4].

(Молдо Нияз. Санат дигарасттар.-Б., 1993.-С.94.)

В дальнейшем, в XX в. среди тех, кто развил кыргызское философское мышление, были Женижок (Өтө Көкө уулу), Токтогул Сатылганов, Тоголок Молдо, Нурмолдо, Барпы Алыкулов. Рассмотрев человека как одну из частей природы, кыргызские мыслители особо подчеркнули необходимость бережного отношения к ней, охраны ее. И до этого наши предки трепетно относились к природе-матушке. Их понимание неразрывного единства природы и человека, вместе с исчезновением природы исчезновения рода человеческого, следовательно, необходимости ее охраны мы находим в фольклоре и в наследии акынов-мыслителей.

